
А. Калдыбаева, З. Мурзалиева,
Г. Жарашева, А. Кошалиева,
Ж. Ширимкулова

# АДЕП



5

УДК 373.167.1
ББК 74.26
А 29

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин чечими жана Бишкек шаардык мэриясынын билим берүү башкармасынын методика жана маалымат берүү бөлүмүнүн Адеп предмети боюнча эксперттик тобу тарабынан жактырылган.

**Рецензиялагандар:**

**Ниязова Айнагүл Маликовна** – Бишкек шаардык мэриянын билим берүү башкармасынын методика жана маалымат берүү бөлүмүнүн башчысы.

**Насырымбекова Таалайбүбү Насырымбековна** – билим берүү башкармасынын Адеп боюнча башкы адиси.

А29 **Адеп (Мурас)**: 5-класс үчүн окуу китеби/ А. Т. Калдыбаева, З. Мурзалиева, Г. Жарашева, ж.б. – Б., «Билим+ компьютер», 2007. – 128 б.

ISBN 9967–426–27–6

**А 4306022200–07**

**УДК 373.167.1**
**ББК 74.26**

© Автордук коллектив, 2007
© «Билим+ компьютер», 2007
© КР Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги, 2007

ISBN 9967–426–27–6

## КЫМБАТТУУ БАЛДАР!

*«Адеп сабагынын» I–XI класстарга чейин мектеп программасына киргендиги коом үчүн абдан жакшы жөрөлгө болду. Элдин, улуттун, уруу-уруктун өнүгүшүнө, прогрессине кыргыз элинин өкүлдөрү тарабынан түзүлгөн педагогикалык ойлору, салттары ар кандай доорлордо тазаланып, ашыкча нерселери арылып, кошумчалары кошулуп, азыркы күндө чоң тарбиялык арсеналга айланды.*

*Элдик мурастын тарбиялык мааниси абдан зор, алар силердин рухий байлыгыңардын өнүгүшүнө чоң жардам берет.*

*Адеп сабагында силер буга чейинки тажрыйбаңарга таянып, «Кайчылаш дискуссия», «Концепциялык карта», «Синквейн», «Кластер», «Эссе» методдорун кызыгуу менен үйрөнөсүңөр, билимиңер артылып, илимге болгон кызыгуу пайда болот.*

*Эмесе, силерге ак жол каалайбыз!*

**Авторлор**

# ОКУУЧУЛАРГА АДЕПТИК ЖАНА РУХИЙ-ЫЙМАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ

Жаштарга учурдун талабына ылайык адептик таалим-тарбия берүү боюнча ишти жаңыча, практикалык багытта, элибиздин менталитетин, руханий-адептик салттарын жана турмуш талабын эске алуу менен жолго коюу зарылдыгы күн тартибинде турат. Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринин 1–11-класстарында «Адеп» сабагы окутулуп жатат. Бул сабактын негизги максаты – жаш жеткинчектердин жан-дүйнөсүндө ыймандуулук, чынчылдык, боорукерлик, адилеттик, Атамекенди сүйүү сыяктуу адамдык асыл сезимдерди уялатууга, ар нерсе тууралуу өзүнүн жекече көзкарашын иштеп чыгып, татаал турмуштук көрүнүштөрдүн төркүнүн талдап билип, күндөлүк турмушта өзүнүн ыймандык түшүнүгүн адептүү жүрүм-турум менен айкалышта тута билүүсүнө каныктыруу болуп саналат. Жаш муундарга адептик жана руханий-ыймандык таалим-тарбия берүү маселеси учурдагы артыкчылыктуу багыттардын бири катары аныкталат.

Адептик жана руханий-ыймандык билим берүүнүн мектептеги системасы окуучулардын коомдук жана жекече жүрүм-турум нормаларын жана эрежелерин, алардын адамдарга, дөөлөттөргө чакырылган, социалдык-педагогикалык жана коомдук-практикалык зарылчылыктар менен шартталган, этнопедагогикалык «устат-шакирт» маселесине негизделип, бирдиктүү максатка жетүүгө багытталып, ырааттуу уюшулган педагогикалык процесс болуп эсептелет.

Адептик жана руханий-ыймандык билим берүүнүн башкы максаты – мектеп окуучуларында элдик идеалга жана заманга шайкеш келген нарктуу адептик-ыймандык сапаттарды, маданияттуулукту, жүрүм-турум адебин калыптандыруу.

Бул максат мектеп окуучуларында да терең адептик аң-сезимди жана түшүнүктөрдү калыптандыруу, адептик сезимдерди тарбиялоо, адептик ынанымдарды иштеп чыгуу, жүрүм-турумда адамдык жана коомдук нарк-насипке топ келген көнүм адаттарды жана билгичтиктерди чечүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

«Мурас» (5–7). Бул курста окуучулардын руханий-интелектуалдык жана адептик-ыймандык жетилүүсү аларда биринчи иретте өз ата-бабасынын, элинин жана жана жалпы адамзаттын биосоциалдык жана маданий байманасынын мураскери, ошондой эле алар иштеп чыккан бардык рухий жана материалдык дөөлөттөрдүн, техникалык жана технологиялык табылгалардын сактоочусу жана өрчүтүп өнүктүрүүчүсү катары атуулдук-ыймандык сезимдерин жана ынанымдарын калыптандыруу багытында жүргүзүлөт.

Окуу материалдары психология, этика, эстетика, өнөртаануу илимдеринин өрнөктүү табылгаларын жана таберихтерин кеңири пайдалануу менен чечмеленет.

Бул интерактивдик курс келечекте системалык принципте окутулуучу атайын сабактар үчүн базалык негиз катары кызмат кылат.

5-класс үчүн жазылган Адеп («Мурас») окуу китеби негизги 4 бөлүктү камтыйт.

I бөлүк. Эл мурасы эскирбейт.

II бөлүк. Үйбүлөдөгү адеп-нарк

III бөлүк. Арыба, касиеттүү кайрымдуулук.

IV бөлүк. Элдин адеп маданияты.

Авторлор ар бир бөлүмдө накыл сөздөр, ырлар, жомоктор, макал-ылакаптар, улуу инсандардын айткан сөздөрү, суроолор, тапшырмалар, кыскача аңгемелер, табышмактар, бүткүл дүйнөлүк масштабда коюлуп жаткан маселелер, сөздүктөр, статистикалык мисалдар, ар кандай темадагы кызыктуу сүрөттөр, адеп топтому, оюндар, бабалар осуяты, эл казынасынан көптөгөн материалдар пайдаланылып, ар бир теманы ача билишкен.

Практикалык сабактарды, экскурсияларды, жолугушууларды өткөрүү, чакан аңгемелерди жазып, сүрөттөрдү тартуу сунушталган. Окуу китебинин авторлору өздөрүнүн интеллектуалдык деңгээлдеринин жогорулугун, педагогикалык тажрыйбага ээ экендигин көрсөтүп, коюлган талапка, программага ылайык келген окуу китебин жаза алышты.

Бишкек шаарында окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 55 мектебинде 160 мугалим Адеп предметин беришет.

Адеп мугалимдери окуу китебинин, методикалык жана дидактикалык колдонмолордун жоктугуна карабастан, чыгармачылык менен, изденүүчүлүк жана инновациялык ар кандай методдорду жаңы ыкмаларды колдонуу менен сабактарды өтүүдө. Китептин авторлору шаардын Адеп предмети боюнча мугалимдерине семинарларды өткөрүп, китептер менен жабдып, илимий-практикалык иштерге катышып, телерадио берүүлөрдө өздөрүнүн иш-тажрыйбаларын республиканын мугалимдери менен бөлүшүшкөн, «Жылдын мыкты мугалими – 2005» конкурсунун жеңүүчүлөрү.

Бул окуу китеби Бишкек шаарынын мектептеринде сынак окуу куралы катары окутулган. Бул окуу китебин мугалимдер, окуучулар гана эмес, класс жетекчилери, ата-энелер да пайдаланса болот.

***Ниязова Айнагул Маликовна,***
*Бишкек шаардык мэриянын билим*
*берүү башкармасынын методикалык*
*жана маалымат берүү бөлүмүнүн башчысы*
***Насырымбекова Таалайбүбү,***
*билим берүү башкармасынын*
*методикалык жана маалымат берүү*
*бөлүмүнүн адеп боюнча адиси*

# I ЧЕЙРЕК
# ЭЛ МУРАСЫ ЭСКИРБЕЙТ

## 1-сабак
## КИРИШҮҮ САБАГЫ

*Акылды издегендин өзү – акылдуу,*
*Билимди издегендин өзү – билимдүү.*

Башталгыч класстарда «Адеп» сабагын окуп, өздөштүрүүнүн натыйжасында көптөгөн адептик билимдерге ээ болдук. Ошол алган билимдерибизди өз жүрүм-турумубузда колдоно билүүгө үйрөнөлү. Биз 4-класста «Адеп-ахлак, ыйман коомдун тиреги» деген теманын тегерегинде жыл бою билим алдык, саламдашуудан баштап көптөгөн адептерди билдик. Салам айтуу – бул адептүүлүктүн белгиси эмеспи.

Саламдашуу (салам айтуу – алик алуу) бул бүткүл дүйнө жүзүндө жашаган элдердин баарына тийиштүү эң ыйык касиеттердин бири болуп саналат. Адамдар байыртадан бери эле таанышпы, тааныш эмеспи, баары бир алар бири-бири менен жолугушкан учурунда саламдашышкан. Жашы кичүүлөр улууларга, басып бара жаткан адам отурганга, атчан жөө адамга, жогортон келе жаткан адам төмөндөн келе жатканга салам

айтууга тийиш. Эгер карыя адамдарды байкасаңар, алар улуу кичүүсүнө карабай салам айтышат. Кичүүлөр салам айтсын деп күтүп отура берүү туура эмес экенин карыяларыбыз түшүнүшөт.

Бешинчи класста болсо, «Мурас» деген чоң темага кайрылабыз. Мурас – бул биздин ата бабаларыбыздан келе жаткан ата салты, эне адеби. Уюткулуу кыргыз эли нечендеген кылымдар бою адептүү, ыймандуу, барктуу жана нарктуу делип келишкенин далай доорлордон өтүп, бизге чейин жеткен элдик акыл ой жана тарыхый мурастар ырастай алат. Мезгилдин өтүшү менен нарк-насылдар өз нугу боюнча жаңырып, өзгөрүп отурган. «Эстүүнүн өзүн сыйлап, сөзүн сүйгүн, билимиң аз, көп болсо ойго түйгүн», – деп Жусуп Баласагын бабабыз айткандай, өткөндөгү жана бүгүнкү дүйнөлүк ойчулдардын жалпы эле ыймандуулукту сактоого айткан акылман ой-нускалары кимди гана болбосун ойлонтууга, дүйнөнү кенен көрүп түшүнүүгө багыт берет жана үйрөтөт. Дүйнөлүк ойчулдар аркылуу жаралып, бизге чейин жеткен накыл ойлордун кайсынысын гана алып карабайлы, анда негизинен адептүүлүктүн, ыймандуулуктун негизги булактары: ар-намыс, уят, адамгерчилик, ишеним, кичипейилдик, эмгек, колу ачыктык, намыскөйлүк жана башка жакшы сапаттар орун алган. Мунун тескерисинче адамдарды эң жаман зыяндуу кесепеттерге жетелөөчү кызганыч, текебердик, жалганчылык, ыпластык, жалкоолук жана башка жаман сапаттар тууралуу маалыматтар да кеңири берилет.

Улуу ойчул Жусуп Баласагын өзүнүн «Кутбилим» аттуу он үч миң саптан турган философиялык жана педагогикалык чыгармасын жазган. Бул чоң мурас адамдарды ыймандуулукка, акылмандыкка, биримдүүлүккө, ата-салтын, үрп адатты ардактай билүүгө жана улууларга урмат көрсөтүүгө чакырат.

***Бул сапттарга кененирээк көңүл бөлөлү:***

Адамдын адамдыгы – адамкерчилик.

Кулак төшө акылмандар сөзүнө, акниетти өрнөк туткун өзүңө:

Бири жакшы, бири жаман ат калар.

Жакшы болсоң – барктуу атың даңкталар, жаман болсоң – жаман атың сакталар.

Жакшылык кыл, кубанба кур жүргөнгө, жакшы ат керек бул өмүрдү сүргөнгө.

Көтөрүлсөң кур салтанат курбагын, төмөндөсөң тике карап турбагын.

? **Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Саламдашуу адебин билесиңби?
2. Мурас дегенде эмнени түшүндүң?
3. Жусуп Баласагын ким экен?
4. Кичипейил адам кандай болот?

## Накыл сөздөр

Жамандын жаманы – убада бузган.
Адамды эки нерсе картайтпайт тез:
Бири – жакшы мүнөз, экинчиси жакшы – сөз.
Наадан көзү болсо да – сокур, тирүү жүрсө да – өлүк.

## 2-сабак
# ЖАКШЫ БОЛУУ АСТА-АСТА...

*Жакшы болгон баланын,*
*Атасы жаман болсо да,*
*Төрдө отуруп сый табар.*
*Жаман болгон баланын,*
*Атасы жакшы болсо да,*
*Төө үстүнөн ит кабар.*
*Калыгул*

Жакшы болуу үчүн ар бир бала, кыз акыл-эстүүлүк менен улуу-кичүүлөргө, өз теңтуштарына, ата-энесине ар дайыма адептүү мамиле кылуусу керек.

Жакшы чыккан азамат,
Элин билер.
Элин билген ал адам,
Тилин билер,

– деп Калыгул атабыз айткандай, биз ар бирибиз билим алууга тийишпиз. Жакшы бала өз элинин тарыхын билет. Билим алууга умтулат, келечек жөнүндө ойлонот. «Жакшы» деген атка ээ болуу үчүн адам көп жакшы сапаттарга ээ болуусу керек. Ар кимдин жакшы болушу дагы, жаман болушу дагы өзүнөн болот. Жакшы болсоң, элден сый көрөсүң. Жоопкерчиликтүү болсоң, сага баары ишенет. Адамгерчиликтүү, таза жүрүм-турумга ээ болуу менен айлана-чөйрөдөгү адамдарга үлгү болосуң. Адамдагы чыныгы инсандык сапаттар анын сүйлөгөн сөзүнөн, биреөлөр менен мамиле кылганынан, адептүү жүрүм-турумунан көрүнөт.

«Адам канчалык акылдуу, мээримдүү болгон сайын, башкалардын жакшылыгын ошончолук баалай турган болуп калат», – деген улуу философ В. Паскаль.

Ошондой эле калп айтуу да жакшы сапаттардан эмес. «Калптын казаны кайнабайт», – деген сөз бар эмеспи.

Кайгысыз киши карыбайт,
Калп айткан киши жарыбайт.
Беш тогоол болбой жай болбойт,
Пейли тар киши бай болбойт.

*Калыгул*

Чын сүйлөп, пейилди кенен коюп, бирөөгө жамандык кылбоо менен адам келечекке карай өсүп-өнөт. Сезими, ою тазаланат. Андай адамдар өз элин, жерин сүйүп, коргой да алат. Ата Мекенибизди көздүн карегиндей сактоо – ар бирибиздин ыйык милдетибиз. Үмүтсүз жан болбогон сыяктуу эле, кемчиликсиз адам болбойт. Жакшы адам күнөө иш кылса өкүнөт. Жүйөсүз иштерден баш тартат. Акылың болсо эч кимге жамандык кылба.

«Жакшынын атын булгай албайсың,
Акылын уурдай албайсың», – деген сөздү эсиңден чыгарбоого аракет кыл. Анткени бардык жакшы нерсени жакшыдан күтүүгө болорун эстен чыгарбайлы:

Жакшы адам үлгү болор ар дайыма,
Жакшы адам дем да болор кан-жаныңа.
Жакшы адам жакшы сөзүн калтырар дейм,
Тууган, урук, эли-журту, балдарына.

Ошондуктан элибизде төмөнкү макалдын айтылып калганы бекеринен эместир: «Жакшы болуу аста-аста..., жаман болуу бир паста». Жакшы деген атка ээ болуу үчүн адам көп эмгектениши керек, себеби эмгек адамды эрезеге жеткирет.

Акыл – адамдарга гана ыроолонгон улуу белек, улуу сый. Анын тунуктугун өз турмушубузда пайдаланып, таза жана толук асырай билүүбүз керек. Бул улуу парзды жана мындай атактуу сыйды көөнөртпөй сактоо ар кимибиздин эң биринчи жана ардактуу милдетибиз экендигин унутпайлы. Туура сүйлөй билүү да адамдардагы жакшы сапаттарга кирет. Сүйлөшүүдө эң биринчи талап – керексиз сөздөн алыс болуу. Көп элдерде: «Бир сөз айтсаң – күмүш, унчукпасаң – алтын», дейт. Сөзгө кожоюн бол, эмнени сүйлөй турган болсоң, эң биринчи ал жөнүндө ойлон. «Ооздон чыкканча сен сөзгө кожоюнсуң, ооздон чыккандан кийин ал сага кожоюн», – дейт элибизде. Жакшы адам эч качан бирөөнү кемсинтпейт. Бирөөлөрдү кемсинтип сүйлөө жакшы эмес. Себеби ар бир адам өзүн эр ойлосо, бирөөнү шер ойлошу керек. Ошентип, жакшы болуу үчүн биз көп нерсени окуп билүүбүз зарыл.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Жакшы болуу үчүн адамдар кандай сапаттарга ээ болуусу керек?
2. Адептүү мамиле жасоо дегенди кандай түшүнөсүң?

3. Калыгул Бай уулу өз ырларында адамдагы кандай сапаттарды баса белгилейт?
4. «Сүйлөшүү адеби» дегенди кандай түшүнөсүң?
5. Ырды жаттагыла?

### Нарктуу жана акыл сөздөр:

1. Ар бир эр жүрөк, ар бир чынчыл пенде өз мекенине абийир, атак алып келет.

*Р. Роллан*

2. Жалган намыс касиет эмес, аны сактай билүү касиет.

*М. Ауэзов*

3. Өмүр бою бактылуу болгуң келсе, калыс бол.

*Ф. Шиллер*

4. Арамдыкка кул болбо – адал болсоң,
Алсыздарды кыйнаба – адам болсоң.

*Н. Хисрау*

5. Адамдын эң асыл касиети – жакшылыгы.

*М. Сарьян*

### Макал

1. Жакшы болуу аста-аста..., жаман болуу бир паста.

2. Абийиринди жашыңдан сакта.

3. Эр жигиттин уялганы – өлгөнү, жаш чырпыктын ийилгени – сынганы.

## 3-сабак
## ЖАКШЫ БОЛУУ АСТА-АСТА...

*Ат жакшысы боз болот,*
*Эр жакшысы айткан сөзгө бек болот.*
*Эл макалы*

Адилет көчөдө баратты, оозун ачып ар кайсы нерсени элеңдей карайт. Акыр-чикир жерде ойногонго, кийимдери ыпылас. Элеңдеп келатып, бирөөнүн бутун да басып алды. Эки аял сүйлөшүп турган жеринен ортосун жарып өттү. Алдында карыя адам баратты эле, жөөлөп өтүп кетти.

Адилет оюна бирдеме түшкөндөй бир азга токтоло калды. Анткени эртең менен апасы жумушка баратып: «Адилет, үйдөн чыкпа, гүлдөргө суу куй. Салкында жөжөлөргө жем бер», – дегенде, макул апа, баарын аткарам деп убада берген эле. Бир аз ойлоно мейличи дегендей кол шилтеди да, алдыга карай басты. Мына, бирге окуган классташы Талгаттын үйүнө да жетип келди. Эшикти тыкылдатпай, уруксат сурабастан эле кирип барды. Анын кебетесин көргөн жолдошу таң кала карап, салам берди: – Сен кайдан, Адилет? Эмне мынча шашып келдиң? Үстү башың эмне болгон? Талгат бир нече суроону бир узатты. «Бул жакшы эмес», – деди жолдошунун кебетесине нааразы болгондой карап. Андан кийин Адилетти чакырып, буту-колун жууганга жардам берди. Эми чогуу отуруп, тамак ичели, маектешели деген оюн айтты.

– Адилет, сен апандан уруксат сурап чыктыңбы? – деди Талгат.

– Ооба, – деп жооп берди, Адилет. Талгат ишенбегендей түрдө бир карады да, суроо узатты.

– Сен адамдагы кайсы сапатты эң жакшы деп ойлойсуң?

– Өзүң айтчы, – деди Адилет.

– Эң биринчи өзүн таза алып жүргөндөрдү, улууларды сыйлаган, калп айтпаган, эмгекчил адамдардын сапатын айткым келет. Кел эми, эртеңки сабакка даярданалы.

– Мени апам эрте кел деген, үйгө барайынчы, – деп Адилет дагы жалган айтты. Себеби, ал апасынан уруксат сураган эмес да.

Эртеси достор мектептен жолугушту. Мугалим үй тапшырманы сурады. Талгат «5» деген баа алды. Адилеттин болсо даярдыгы жок эле. Мугалим адептүүлүк сапаттар боюнча көп жакшы нерселерди айтты:

– Балдар, силер жакшы болууга тырышкыла. Жакшы болуу өтө кыйын, себеби ал көп эмгекти, көп убакытты талап кылат. Эгер баласы жакшы болсо, ата-эне кубанат. Кызы жакшы болсо, эл алдында жүзү жарык болот. Ошол үчүн элибизде «Жакшы уул көктөгү жылдыз, жакшы кыз жакадагы кундуз», – деген сөз бар. Жакшы бала ата-энесин эч убакта капа кылбайт, жаман да, жалган да айтпайт. Жолдошторун менен сылык мамиледе болот.

Ушул учурда Адилет ойго бата түштү. Себеби апасы кечээ кечинде келип, берген тапшырманы

аткарбаганын көрүп, Адилетке капа болгон. Кечкисин жаны тынбай жүгүрүп, жөжөлөргө жем, суу берип, салкында гүлдөргө суу куюп, Адилеттин булгаган кийимдерин жууп, тамак жасаган апасын элестетип, Адилет аяп кетти.

– Жок, мындай болбойт, мен апамды капа кылбайм – деп өзүнө-өзү убада берди. Бул учурда мугалим төмөндөгү ыр саптарын үн кубулта уккулуктуу, көркөм окуп жаткан эле:

Жакшы адамды баары сүйөт билемин,
Жакшы адам болуу менин тилегим.
Жакшы адамдар көп болсо дейм арада,
Сепсе алар адептүүлүк үрөнүн.
Жакшы деген атты алуу кыйын го,
Ала албайсың дароо эле бир паста.
Жетүү үчүн аракет кыл, эмгек кыл,
Ал анткени жакшы болуу аста-аста...

Ушул күндөн баштап Адилеттин турмушунда өзгөрүүлөр болду. Өзүнүн бою-башына карап, тыкан, таза жүрөт. Апасына жардам берет. Көчөдө көп ойнобой калды. Адилет кокусунан апасы менен атасынын сүйлөшкөнүн угуп калды:

– Ээ атасы, буюрса балабыз жакшы киши болчудай. Акылдуу болуп, чоңоюп калды, садагасы. Мага жардам бергендиктен, эс алып калдым.

Өзү жөнүндөгү жакшы сөздөргө Адилет толкунданып, кубанып да калды. Өз бөлмөсүнө кирип, сабактарына даярдана баштады.

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Жакшы болуу үчүн адамдар кандай сапаттарга ээ болуусу керек?
2. Талгат кандай суроолорду берди?
3. Мугалимдин сөзүн айтып бергиле.
4. Адилеттин жалкоо болуп калганына эмне себеп болду?
5. Мугалимдин айткандары Адилетке кандай таасир берди?
6. Адилет эми кандай сапаттарга ээ болду?
7. Ал эмнеге кубанды?
8. Ырды жаттагыла.

### Нарктуу жана акыл сөздөр:

**1. Адамгерчиликке умтулбаган өмүр – түбөлүк уйку менен өтөт.**

*Л. Н. Толстой*

**2. Адеп – акыл менен ыймандын чырагы, ошол эле учурда аброй менен ак дилдин да кооз чапаны болуп саналат.**

***Сократ***

## 4-сабак
# ЖАМАНДЫКТЫН ЗАЛАЛДАРЫ КАЙДАН КЕЛЕТ?

*Жаман ишке киришпе,*
*Акылы бар боз бала.*
*Адал ишти козголо*
*Акылдууга дос бала.*

*Калыгул*

## ЧЫЛЫМ ЧЕГҮҮ МОДА ЭМЕС

Тамеки чегүүгө мындан 300 жыл мурун 1697-жылы Петр I тарабынан Указ кабыл алуу менен тыюу салынса, Михаил Федорович тарабынан 1634-жылы тамекини сактоого жана сатууга тыюу салынган. Андан бери үч кылым өтсө да, Россияда жана бардык өлкөлөрдө жыл сайын күчөп, тамекиден чыгарылган чылымдардын түрлөрү көбөйүп, баалары да ошончолук жогорулоодо.

Чылым чегүү проблемасы тээ илгери эле Христофор Колумбдун доорунан башталып, бүгүнкү күндө дүйнөлүк модага айланууда. А бирок чындыгында чылым бул мода эмес. Анын артында ар түркүн оорулардын башаты бар. Бүгүнкү күндө Америка, Финляндия, Швеция, Англия, Италия өңдүү цивилизациянын жогорку деңгээлине жеткен өлкөлөрдө чылымга каршы күчөтүлгөн иш-аракеттердин натыйжасында чылымчылардын саны элүү пайызга азайган.

Ал эми бизде болсо чылымчылар азаймак турсун чылым чегүү проблемасы өз апогейине

жетти. Статистикага таянсак Бишкек шаарында жашаган эркектердин алтымыш пайызы, аялдардын он эки пайызы такай чылым чегет экен. Мунусу аз келегенсип, кийинки 5–6 жылда эле 20–29 жаштагы чылымчы эркектердин саны он жети пайызга көбөйгөн. Эң негизгиси – тамеки тартуу бүгүнкү күндө мода эмес экенин ар бирөөбүз түшүнүүбүз керек. Ал баарыдан мурда жүрөк, кантамыр, онкологиялык оорулардын, бронх астмасы, кант диабети оорусунун келип чыгышына түздөн-түз себепкер болот. Ошондой эле чылым өзүнө гана эмес, үйбүлөсүнө жана жакындарына да зыян келтирип, жыйырмадан ашык оорунун келип чыгышына өбөлгө түзөрүн эстен чыгарбоо керек. Ар дайым жамандыктан алыс бололу. Жамандыктын залалы тийбей койбойт. Ичимдик ичүү менен канча жаштарыбыз жаман жолго түшүп, жамандыктын залдарынан арыла албай жүрүшөт. Чылым чегип, ичимдик ичкен адам уурулукка, кылмыш иштерин жасоого барат. Ошондуктан жаман жолго түшүүдөн сак бололу.

**Билип жүр!**

– Жакшы – жаман болсо кимге?
– Жакшы болсо – элге,
Жаман болсо – өзүнө.
Чалкалай туруп түкүрсө,
Кайрылып түшөт көзүнө.

## ? Суроолор жана тапшырмалар

3. Чылым чегүү пайдалуу деп ойлойсуңарбы?
4. Чылым чегүүгө каршы кайсы өлкөлөр иш чараларды колдонуптур?
5. Чылым чегүүнүн кандай залалдары бар экен?
6. Кинодогу, телеберүүдөгү мушташ, мыкаачылык, киши өлтүрүү моокум кандырабы? – деген темада ой жүгүртүп, сочинение жазып келгиле.

### Сөздүк

**Чылым** – сигарета
**Апогейине** – туу чокусуна

### БАБАЛАРДАН КАЛГАН СӨЗ

1. Акылсызга айткан кеп – дайынсыз аткан ок.
2. Акылың болсо, жаш бала, ата-баба сөзүн ук.
3. Жакшыга жанаш, жамандан адаш.

## 5-сабак
## ЫПЫЛАС СӨЗДҮҮЛҮК – АДЕПСИЗДИК

*Адамдын көркү – бөз,*
*Кулактын көркү – сөз,*
*Көңүлү – эки ооз жакшы сөз.*
*Ар дайым ыймандуу бололу.*

Коңгуроо кагылып, акыркы сабак бүткөндүгүн билдирди. Окуучулар класстардан чыгып, үйлөрүн көздөй жөнөштү. 5-класста окуган Асылзат, Айзат, Айзирек дайыма үйгө чогуу кетишет. Себеби үйлөрү бир жакта жайгашкан. Кетип

баратышып, көргөн кинолору жөнүндө сүйлөшүштү:

– Мен мыкаачы, мушташ кинолорду көргүм келбейт, – деди Асылзат. Адамдар бири-бирин жөнү жок эле сабап, өлтүрүп коюшат.

– Кантип, жөн жерден сабасын, алар акча үчүн да, – деп Айзат сөзгө аралашты.

– А мен кечки жомокту, кыргызча ырларды берген концертти көргөндү жакшы көрөм, – деди Айзирек. Жомоктордо дайым жакшы нерселерди айтат. Бири-бириңерге жардам бергиле, урушпагыла, жаман сөз айтпагыла дейт. Чынында эле кээ бир кинолордо өтө орой сөздөрдү айтышат. Мен аларды көргөндөн уялам.

Аңгыча алардын алдынан өздөрү курактуу эки бала чыкты. Алардын бирөөсү сөгүнүп келе жатат. Кыздардан да уялган жок. Экинчи бала ага каяша айтты.

– Ай, былжыраган, сөгүнбө, азыр оозуңду талкалап коём. Экөө кармаша кетет да, кайра ырсайып күлүп коюшат.

Кыздар, силер кинону айтасыңар, мына көчөдөгү эле балдар, кандай орой сөздөрдү сүйлөшөт. Мына ушундай терс, жаман сүйлөөнү кантип токтотсок болот? – деп Айзат, жолдош кыздарын карады.

– Кыздар, мен бирдемени ойлодум, келгиле ушул оюбузду мугалим эжейге айталычы, эмне дээр экен, – деп Асылзат өз оюн айтты. Кыздар макул болушту. Эртеси кыздар эжейине көргөн-билгендерин айтышты.

– Кыздар, силер эң туура ойду айттыңар, орой сөздүүлүк – бул адепсиздик. Айрыкча мектеп окуучусу үчүн бул уят нерсе. Биз ар дайым ыймандуу, адептүү болуубуз үчүн орой сөздөрдү колдонуудан алыс болушубуз керек, – деп мугалим жыйынтык чыгарды.

## Адеп топтому

1. Көчөдө, коомдук жайларда өзүңдү туура алып жүрүүгө көнүк.
2. Ыпылас сөздөрдү колдонуудан сактан.
3. Бирөөлөр менен адептүү сүйлөшө бил.
4. Сүйлөшүп жаткандардын сөзүн бөлүп-жарба.
5. Улууларга озунуп салам айт.
6. Эркек бала кыз баланын көзүнчө сөгүнбөйт.
7. Калп айтпа. Убадаңды аткар.
8. Кичипейил, жөнөкөй бол.
9. Эч убакта мактанба.
10. Кийимиңди таза кий.
11. Жолго күл төкпө, арыктагы, өзөндөгү сууларга акыр-чикир таштаба.
12. Көчөдө баратып, же автобуста сөгүнүп, орой сөз сүйлөгөндөр болсо, акырын эскертүүгө аракет кыл.

### ? Суроолор жана тапшырмалар

1. Кыздар эмне жөнүндө сүйлөштү?
2. Көчөдө сөгүнүү, ыпылас сөздөрдү сүйлөө туура деп ойлойсуңбу?
3. Мугалим эмне жөнүндө айтты?

### Сөздүк

**Ыпылас сөз** – сөгүнүү, жаман сөз.

**Коомдук жай** – мектеп, көчө, эл жүргөн жайлар.

БАБАЛАР СЕПКЕН АКЫЛ ОЙ:

1. Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан чыгат ийинден.
2. Ириген ооздон, чириген сөз чыгат.
3. Ким болсо эгер чебер сөздүү акылман,
   Барган жерге үрөн себер накылдан.

**Ырды жаттагыла:**

Адептүү бала эч качан,
Ыпылас сөз сүйлөбөйт.
Кабагы ачык дайыма,
Көңүлү да кирдебейт.
Көчөдө да, үйдө да,
Таза сүйлөп көнөлү.
Сөзүнөн даана байкалат,
Жакшы адамдын өрнөгү.

## 6-сабак
## ЫПЫЛАС СӨЗДҮҮЛҮК – АДЕПСИЗДИК

*Адамдын өзүн билгиң келсе,*
*Сөзүн тыңшап көр.*
*Эл макалы*

### АЗ СҮЙЛӨП, КӨБҮРӨӨК УК

Дүйнөдө түркүн элдер жашап келет. Ырас, алардын турмуш деңгээлдери ар кандай өнүгүү

тепкичинде турганы менен, жалпы адамзатка таандык жашоонун мыйзамченеминде өсүп-өнүгүшөт. Ошенткен менен, ар бир элди, улутту бири-биринен айырмалап, өзгөчөлөп турган нерселер бар, булар – тили, салт-санаасы, үрп-адаты, кулк-мүнөзү ж. б. Мына ошол нечен түркүн элдердин арасынан кыргыз эли да өзүнүн өзгөчөлүгү менен аттын кашкасындай айырмаланып, миңдеген жылдар бою өз маданиятын, тилин, үрп-адатын, салтын, адеп-ыйманын, сый урматын ж. б. толуп жаткан эң мыкты касиеттерин сактап келе алды.

Алмадай башына айкөл «Манасты» бүт батырган кыргыз эли сөздү сүйлөй да, уга да билген. Элибизде «куймакулак» деген сөз бар. Алар – сөзмөрлөр, бирөөлөргө айткандарын өзүндөй жеткиргендер, аларды кебин дал кармап калгандар. Күнү-түнү малдашын жазбай муюбай уккандар. Демек, таңдайынан бал таттыра сүйлөгөн – өнөр болсо, аны уга билүү – андан да өткөн өнөр. Ушул эки өнөр эриш-аркак болушу керек.

Ата-бабаларыбыз ыпылас сөздүүлүккө жол беришпеген. Адам – адамды жакшы, кооз сөз менен кубандырууга тийиш»,– деген. «Адамдын сулуулугу тилинен билинет», «Адилет сөз – ачуу сөз», – деген кеп бар элибизде. Ыпылас сүйлөө – адепсиздик деп эсептешкен. «Аз сүйлөп, көбүрөөк ук», – деп насыйкаттайт улуулар. Ошондуктан, «Азаматтын белгиси – көбүрөөк ойлоп, аз сүйлөйт», – деп айтышат.

– Сөз атасы эмне?

– Сөз атасы кулак.

– Суу атасы эмне?
– Суу атасы булак.
– Жол атасы эмне?
– Жол атасы туяк.

Көчөдө, мектепте кээ бир балдар ыпылас сөздөрдү колдонушат. Ал эмес чоң кишилер да сөгүнүшөт. Бул адамдагы эң жаман сапаттардын бири. Ыпылас сөз кулакка жаман угулат:

Ыпылас сөз сүйлөсөң,
Уят болот, билип кой.
Көңүлдү ачат жакшы сөз,
Жүрөккө муну түйүп кой.
Аракет кыл ар дайым,
Сөзүңдө бек туруугa.
Сөзүң менен барктуу бол,
Кичүүгө да улууга.
Азыраак сүйлө, адатта,
Узун сөз болот жадатма.
Калыс сүйлө тууганга,
Акылың болсо калп айтпа.

Сөздү таап сүйлөп, бирөөлөрдү капа кылгандан алыс бололу. Ыпылас сөздүүлүк адамдын аброюн түшүрөт. Ата-бабаларыбыздын асыл сапаттарын аздектеп сактайлы.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кыргыз элинин кандай баалуу сапаттары бар экен?
2. «Куймакулак» деп кимди айтабыз?
3. Биздин ата-бабаларыбыз ыпылас сөздүүлүккө жол бергенби?

4. «Адамдын сулуулугу тилинен билинет» деген сөзгө түшүнүк бере аласыңбы?
5. Ырды жаттагыла.

### Сөздүк

**Малдаш** – эркектер эки бутун кайчылаштырып баса отурат.

**Куймакулак** – кепти унутпай кармап калган адам.

**Адилет сөз** – туура сөз.

БАБАЛАРДАН КАЛГАН СӨЗ:

1. Адамдын алсызы – ушакчы.
2. Адам аласынан сөз аласы жаман.
   От чаласынан сөз чаласы жаман.

## 7-сабак
## ЭЛДИН ЫЙМАН-НАРК, ЧЫНЧЫЛДЫК, АДИЛЕТТҮҮЛҮК МУРАСЫ

*Чынга чыр жолобойт,*
*Калпка кадыр жолобойт.*
*Эл макалы*

### КАДЫР АТА

Бар экен, жок экен, илгери өткөн заманда, кичинекей бир айылда Кадыр ата деген абдан жарды жашаган бир киши бар экен. Көп учурда нан менен ичкенге үйүндө айран да калбоочу экен. Кадыр атанын абдан сулуу Гүлсүн аттуу кызы болуптур. Гүлсүндүн апасы ал кичинекей кезинде

эле өлүп калгандыктан, Кадыр ата кызынын көңүлүн оорутпоо үчүн колунан келишинче аракет кылчу экен. Гүлсүн чоңоюп, 15 жашка толгондо, сулуулугу тилден-тилге өтүп, уламышка айланыптыр. Алыскы-жакынкы шаарлардан Гүлсүнгө жуучу түшүп келген бай адамдарга күнүгө кичинекей кепеси толуп турчу болуптур. Бирок сүйүктүү балдар, бул сулуу кыздын бир кемчилдиги бар экен. Гүлсүн өзүнө өзү ыраазы болуп, менменсинип бой көтөрчү болуптур. Ошон үчүн өзүнүн колун сурап келгендерге эч макул болбоптур.

– Мен падышанын баласына гана турмушка чыгам, – дечү экен. Арадан бир топ убакыт өтүп, Гүлсүндүн максаты да аткарылат. Падышанын уулу Гүлсүндү бир көргөндө жактырып, көп өтпөстөн ага куда түшүп, сөйкө салып кетишет.

Кадыр ата эми көңүлү жай алып, тагдырына ыраазы болуп жүргөндө, бир күнү үйүнө келсе, эки көзүн тоодой кылып ыйлап жаткан кызын көрөт. Кадыр ата кызына:

– Кокуй кызым, эмне болду сага? Бир жериң ооруйбу, же бир нерсе болдубу? – деп сурайт. Гүлсүн:

– Атакем ай... Ооруп эле калсам гана, башымдан ашкан кайгым бар, – дейт. Кадыр ата абдан таң калат:

– Анчалык эмне болду? – деп сурайт. Гүлсүн:

– Эмне болсун. Тоодой-таштай падышанын сарайына келин болуп баратсам, колумда кыз оокатым жок. Мага падышанын сарайына

жараган жакшы сеп керек. Кадыр ата уккан кулагына ишенбейт:

– Кокуй кызым, азап тартпай эле санаа чегип жаткансың го, мен жегенге нан таба албай отуруп, сага кыз оокатын кандай табайын? – дейт. Гүлсүн:

– Карыз болсоң да тап. Болбосо уурда. Антпесең өзүмдү-өзүм өлтүрөм.

Байкуш Кадыр ата катуу ойлонду. Уурулук кылууга бел байлайт. Бирок Кадыр ата ошол күнгө чейин эч нерсе уурдабаптыр, жерден көргөнүн да арам деп алчу эмес экен. Эмне уурдарын кайдан билсин; муну да кызынан сурайт. Гүлсүн:

– Алтын уурда, – дейт. Кадыр ата алтынды көрбөгөнү үчүн, кызы алтынды сары, жалтырак болот деп түшүндүрөт.

– Алтынды кандай экенин билбесең, бермет уурдагын, бермет ак тоголок болот, – деп кайра-кайра кайталайт.

Кадыр ата кечке байдын үйүн издейт. Бир чоң үйгө келет. Буга чейин ушундай үйдү көрбөптүр. Үйдүн эшиктери абдан көп экен. Күзөтчүлөрү да бар. Кадыр атанын көзүнө кичинекей эшик көрүнөт. Жанында күзөтчү да жок. Акырын ичине кирип жашынат. Көрсө, бул жер падышанын сарайы экен. Кадыр атанын жашынган жери кампа экен. Эки жагын караса, так жанында күрүч толтура кап турат. Күрүч көрбөгөн Кадыр ата колун капка батырат.

– Эх, дал өзүнө келиптирмин, – дейт. Бир кап бермет таптым. Баардыгын алсам туура болбос.

Эң жакшысы туура бөлөйүн. Бир чыны аларга, бир чыны мага, бир чыны алар, бир чыны мага деп бөлүп жатып уктап калат.

Эртеси күзөтчүлөр Кадыр атаны ойготуп, падышага алып барышат. Кадыр атанын айткандарын укканда падышанын уулу аябай капаланат.

– Мен Гүлсүндүн кедейдин кызы экенин билем. Кедейдин кызына үйлөнгөндөн эч арданбайм – дейт. Кадыр атага боор ооруп коё беришет. Гүлсүн болсо кылган ишине абдан өкүнүптүр. Ошондуктан балдар, өкүнбөгөндөй иш кылгыла.

? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Кадыр ата менен Гүлсүн кандай жашаган?
2. Кадыр ата эмне үчүн уурулукка барды?
3. Гүлсүн эмнеге өкүндү?
4. Падыша жана анын уулу Кадыр атага адилеттүү мамиле жасадыбы?
5. Чынчыл дегенди кандай түшүнөсүң?

### Сөздүк

**Кепе** – кичине, жапыз, начар үй.

**Бермет** – баалуу асыл таш.

**Сеп** – кыз оокаты: килем-килче, жууркан-төшөк ж. б. үй жасалгалары.

### БАБАЛАР ОСУЯТЫ

1. Чынын айткан киши – ак.
2. Алдагандык – абийир сатканга барабар.
3. Боорукерлик – жакшы иштин жөрөлгөсү.
4. Жакшыга жанаш, жамандан адаш.

**Адамдагы сапаттардын топтому**

| № | Өрнөктүү (чынчыл, адилеттүү) | Өкүттүү (унутчаак, оома) | Өксүк (калпычы, орой) |
|---|---|---|---|
| 1. | Ак ниет | Бирөөгө убада берет, бирок унутуп калат | Калп айткан |
| 2. | Намыстуу | | |
| 3. | Бирөөгө жамандык кылбаган | Бирөөлөрдүн пикирине кошулуп кетет | Улууларга туура эмес мамиле жасаган |
| 4. | Боорукер | | |
| 5. | Сабырдуу | | Кичүүлөрдү ыза кылган |
| 6. | Кайрымдуу | | |
| 7. | Берешен | Чечкиндүү эмес | |
| 8. | Акылдуу | | Ата-энесин сыйлабаган |
| 9. | Билимдүү | | |
| 10 | Эмгекчил | | Караөзгөй, таш-боор,<br>Ыпылас сөздүү<br>Кекчил, ичитар |

## 8-сабак
## ПРАКТИКАЛЫК САБАК

*Адам жакшылыкты тилейт,*
*Акмак жамандыкты тилейт.*
*Эл макалы*

### ЖАН ЭНЕ

Шаарга жакын бир айылда Жан эне деген бирөө жашаптыр. Жан эненин чын атын айылда эч ким билчү эмес экен. Өтө боорукер болгон үчүн айылдагылар аны ушинтип атап коюшуптур. Жан эненин такыр баласы болгон эмес экен,

бирок айылдагы бүт балдарды өзүнүн балдарындай жакшы көрүп, аларга жомок айтып, оюнчук жасап берүүчү экен. Жан эне акылдуу да, эмгекчил да болуптур. Ошон үчүн айылдагылардын кайгысы болсо, ага барып акыл сурашчу экен. Жумушу көп болгондор да Жан энеге:

– Бүгүн ишибиз көп, келип жардам бересизби? – деп суранышчу.

Жан эне кеңеш сурагандарга кеңеш, жардам сурагандарга чын көңүлүнөн жардам берчү экен. Айылдагылар Жан эненин жардамына аябай көнүп алышат. Алар анын жакшы адам болгон үчүн жардамга келип жатканын унутушуп, муну анын бир милдети сыяктуу көрө башташат. Акыркы күндөрү Жан энеден жардам сурагандын ордуна: «Биздин үйгө келип, бул иштерди жасап бер», – деп буйрук бере башташыптыр. Чоң айылдын ичине жалгыз Жан эне кантип жетишсин. Канчалык аракеттенсе да убактысы жетпейт. Ошон үчүн Жан эне жанындай сүйгөн балдарга да көңүл бура албай калчу болду. Жардамга бара албай калган айылдыктар эшигине келип алып:

– Эй Жан эне, эмне бизге келбедиң? Биз сени жакшы киши деп жүрсөк, – деп тилдей турган болушту.

Байкуш Жан эне эч кимди таарынтпаш үчүн, эс албастан бардыгына жардам берүүгө тырышат. Бир күнү ооруп, төшөктө жатып калат. Айылдыктар келип жардам бергендин ордуна:

– Уят эмеспи, Жан эне, кичинекей бир ооруга эле жатып алган болмок беле? – дешет.

Жан эне бул сөздөрдү укканда аябай кайгырат.

– Мындан кийин эч кимге жардам кыла албайм, балдарга да жомок айтып, оюнчук жасай албай калдым. Андан көрө бул айылдан кетейин,– дейт. Бир күнү кийимдерин жыйнап, бир аз тамагын алып, түнү менен акырын айылдан чыгып кетет.

Эртеси айылдагылар көнгөн адатындай Жан эненин үйүнө келишет. Үй бопбош, эч ким жок. Айылдагылар абдан таң калышат.

– Эми биз Жан энесиз эмне кылабыз, кимден акыл сурайбыз, кимге жумуш кылдырабыз, – деп кайгырышат. Ошондо гана Жан эненин баркын билишет. Ага ыракмат айтканды да көп көрүшкөнү үчүн айылдагылар катуу өкүнүшкөн экен. Алар Жан энени издеп таба албай коюшат. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Жан энени эч ким көрбөптүр.

Кымбаттуу балдар, араңарда Жан энени көргөнүңөр барбы? Эгер көрсөңөр, жакшы мамиле кылгыла. Жасаган жакшылыгы үчүн ырахмат айтканды унутпагыла.

*Энгин Кёселоглу*
*Түркчөдөн которгон: Гүлзура Жумакун*

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Жан энеге тийиштүү баалуу сапаттарды атагыла.
2. Айылдагылар Жан энеге адилеттүү мамиле жасаштыбы?
3. Айылдагылар эмнени унутушту?
4. Алар эмнеге өкүнүштү?
5. Таблица менен иштөө.

### Сөздүк

**Жан эне** – мээримдүү, боорукер, акниет, эмгекчил.

БАБАЛАР ОСУЯТЫ

1. Боорукердик адамга дайыма керек.
2. Боор ооруса, боорго тебет.
3. Адамдын бир сапаты – сабырдуулук.
4. Адамдын башкы сапаты – кайрымдуулук.

## 9-сабак
## ТАП ТАБЫШМАК ОЮНУ

Биздин ата-бабаларыбыз илгертеден эле ойчул, акылдуу, көп жаңылыктарды жаратуучу эл болгон экен. Сүйлөсө сөзүндө, ырдаса ырында да мааниси зор эң бир терең тарбия берүүчү жактары көп. Жаратылыш шарттарына, жашоо тиричиликке колдонгон буюм-тайымдарга карата көптөгөн табышмактарды ойлоп табышкан. Табышмактарды окуп, карап көрсөк биздин элибиз чындыгында эле акылга бай, чыгармачыл, тапкыч экендигине ишенесиң. Табышмактарды жомоктордон да кездештиребиз. Балдар, табышмактарды көп окугула, анткени табышмак силердин акыл оюңарды кеңитет, сөз байлыгыңарды өстүрөт, байкагыч сапатыңар калыптанып, аң-сезимдүү болосуңар:

Арген, Мурат эртелеп,
Ойгонду таң заарынан.
Алар сүйөт табышмак,
Жакшы көрөт баарынан.

Кел, чоң эне, келгин деп,
Алышты колдон жетелеп.
Кимибиз тапкыч экенбиз,
Сиз туруңуз эсептеп.

**Арген.**

Табышмактын ичине,
Мына азыр мен кирем.
Кыйын болсоң таап ал,
Бир табышмак мен билем.

**Табышмак:**

Жыйдым-жыйдым бир килем,
Жыя албадым бир килем.

*(асман, жер)*

**Мурат.**

Оюңда болсо жарышмак,
Менде да бар табышмак.
Кулак салып уккун да,
Жообун бачым ойлон тап.

**Табышмак:**

Казанымдын капкагы жок,
Калагымдын каны жок,
Үйүмдүн төрү жок.

*(көл, суу, асман)*

**Арген.**

**Табышмак:**

Ак боз аттын башы,
Алтын ээрдин кашы.
Муну тапкан киши,
Жүз бешке чыксын жашы.

*(ай, күн)*

**Мурат.**

**Табышмак:**

Түн ичи бүлбүлдөп жанат,
Күндүзү көрүнбөй калат.
Табышмактын жандырмагын
Кана, ойлонуп ким табат.

*(жылдыз)*

Калбайын деп адашып,
Эсептейт упай чоң эне.
Ойлоп коёт өзүнчө,
Кандай таттуу небере.
Өздөрүн токтоо кармашат,
Чоң адамдай дегеле.

**Чоң эне:**

Чүрпөлөрүм, ардагым,
Акылдуу менин балдарым.
Кыйын экен экөө тең,
Бириңден бириң калбадың.
Жыйынтыктап чоң эне
Койду ошентип өз баасын.
Эстүү менин балдарым
Кана эми уккула,
Чоң эненин айтканын.
Балдарым, мен да бир жерге,
Табышмакты каткамын.
Ойлонгула тапкыла,
Мен табышмак айтамын.

**Чоң эненин табышмагы:**

Жеңил, бирок көзгө көрүнбөйт,
Жара чапсаң бөлүнбөйт,
Суугa окшоп төгүлбөйт.

*(аба)*

Ак сандыгым ачылды,
Ичинен жибек чачылды.

*(күндүн жарыгы)*

Жарык жерден жарышат,
Караңгы жерден адашат.

*(көлөкө)*

Арген, Мурат ойлонуп,
Ары-бери толгонуп.
Билгендерин айтышты,
Жандырмагын табышты.

**Чоң эне:**

Жандырмагын туура таап,
Азамат тура балдарым.
Кийинки күнгө калтыралы,
Табышмактын калганын.
Талыкпай билим алгыла,
Силерге менин айтарым.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Биздин ата-бабаларыбыз кандай адамдар болгон экен?
2. Арген, Мурат деген балдар силерге жактыбы?
3. Табышмакты көп билүү, айтуунун кандай пайдалуу жактары бар деп ойлойсуңар?
4. Чоң эне балдарына эмне деп айтты?

### Сөз берметтери

1. Уктаган – ойгонот, ойлогон – толгонот.
2. Адам – бул жарыктын коногу.
3. Баарыбыздын башатыбыз – балалык.

## II ЧЕЙРЕК
## ҮЙБҮЛӨДӨГҮ АДЕП-НАРК

### 10-сабак
### АТА ЭНЕҢДИ СЫЙЛАСАҢ, ӨЗ БАЛАҢДАН СЫЙ КӨРӨСҮҢ

#### ТОРГОЙ МЕНЕН БУЛБУЛДУН АҢГЕМЕСИ

Торгой менен булбул биринен-бири акылдуу болуп, көптү билип, чечендиктери ашып, токойдогу жан-жаныбарларга аңгеме куруп турушкан экен. Ошондой күндөрдүн биринде Торгой булбулга суроо салат:

– Булбулум! Мында отурган көпчүлүк даңаза кылып алыстан келди, алдыга талап койду, аңгеме куруп бергиле, – деди. Карысы угуп кубансын, жаштары угуп үлгү алсын. «Торгой менен булбулдун аңгемеси», – деп кийинкилерге мурас болуп калсын.

**Булбул:** Макул – чеченим! Ушунча көпчүлүктөн баш тартууга болобу? Баш тарткандар оңобу? «Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт», – дейт, суроо сизден болсун.

**Торгой:** Ата менен эненин,
Бала үчүн кылган эмгегин.
Баарысын байкап угалы,
Баяндап көрчү, чеченим.

**Булбул:** Ата менен эне баласына күн болуп, нур берет; жер болуп, эмчек эмизет; суу болуп,

кан жүргүзөт; аба болуп жан киргизет; өз өмүрүн баласына бергиси келет.

**Торгой:** Ата менен эненин эбегейсиз эмгегин билбей, бала үчүн болгон тилегин, эбелектеп каккан жүрөгүн билбей, эне-атанын кадыр-баркына түшүнбөй, атасына айланбаган, энесине имерилбеген улан-кыздар барбы?

**Булбул:** Болот, даанышманым, байыркы бир убакта, бир даанышмандан калп менен чындык ортосу канчалык деп сурашса: «Калп менен чындын ортосу 4 эле эли, кулак менен уксаң калп, көз менен көрсөң чындык», – деген экен. Мен көз менен көргөндү айтып берейин.

Жаз мезгили эле, балапан жаңы чыгарып, аларга жүрөгүм элжиреп:

Өссө деп, өзөк байлап балапаным,
Артымда анык деп калса наамым.
Ээрчитип медер кылып эмгегимди,
Каралдым, медер кылып эрмегимди.

Каралдым, кагылайын, каным-жаным – деп балдарымды башынан жыттап турган кезимде бир карыя, чапанын желбегей жамынып, менин балапандарым турган чынар теректин түбүндөгү булакка жуунду да, чепкенин чечип астына салып, кырынан жата кетти. Терең ойго кетип, түпсүз кыялдардын түпкүрүнө чөккөн сыяктанды. Мен чыдай албай карыяга кайрылдым:

– Карыя ушунча жашка келипсиз, уул үйлөнтүп, убайын көрүп, кыз чыгарып, кызыгына кубанып жаткандырсыз, – дедим. Карыя көзүн

ачып, оо, булбулум, сурап калдың айтайын, жалгыз уулум бар, үйлөнткөм, жигиттиктен эчак өткөн. Мен ушунча жашка келгени уулумдан 3 жакшылык көрдүм. Бир жолу Кара-Ойго барып, кайра келе жатсам, уулум бурулуштан карп-курп чыга калып, чочуп кетип салам айтып жиберди. Бул биринчи жакшылыгы болду. Жайытта жүргөн сарала уй сайгактап жүрүп сазга түшүп калыптыр. Уулум бир жактан келе жатып көргөн экен. Биздикине бастырып келип: «Сарала уй сазга тыгылып жатат», – деп айтып кетти. Биз айылдан балдарды чогултуп барып, уйду чыгарып алдык. Бул экинчи жакшылыгы болду. Далысы жоор болуп жалгыз атым ооруп калды. Карылык кылып, жууп-тазалоого аргам келбей, атты кармап, тырмалап турсам, уулум көрүп, атты кулактан алып кармап берди, мен жоорун жууп дары сээп койдум. Бул үчүнчү жакшылыгы болду. Үмүтсүз шайтан деген. Дагы жакшылыгы тиер, – деп карыя сөзүн аяктады.

### КЕЛМЕ КЕЗЕК

Ушул биздин күндөрдө Бакай аттуу адам жашап, анын эл сыяктуу эле үйү-жайы, малы, чарбасы, аялы болот. Алардын бир эле уулу бар. Аялы көптү эле төрөдү, бардыгы төрөлгөндөн кийин эле көз жумуп, такыр баласы токтобой жүрүп, токтогон баласы – ушул Токтосун. Токтосун өзү жоош, момун бала эле. Мектепте деле кыйратып окуган жок. Ата-энеси ага дале ыраазы. Мугалимдер да «Баланар окубайт, тиги-бу», –

деп ата-энесин кыйнашпайт. Токтосундун тентек эместиги эле мугалимдерди канааттандырат көрүнөт. Ошол себептенби, же өзүнүн эле акылынын жеткени ошобу, айтор чоңойгон сайын мектепке келип, партага отуруп, анан кайра үйүнө кеткенди эле билип калды.

Анда-санда атасы сурамыш болот: – «Балам окууң кандай?» – деп, ага Токтосун түз эле: «Жакшы», – дей салат. Апасы же башка бирөө сураса деле ошол. Ошондуктанбы, Токтосун чоңойгон сайын аны дале сураганын токтотушту.

Классташтары менен деле ошол көрүнүш, жүр десе жүрө берет, токто десе токтоп турат. Классташтары дале анын чөнтөгүндөгү атасы берген биртике акчасынан жана анын жоошутугунан, тил алчаактыгынан пайдаланышат. Ошентип жүрүп Токтосун орто мектепти аяктады. Ата-энеси Токтосундун билимдүү болгонун каалашты. Тиги университетти айтышты, бул институтту айтышты, эптеп жогорку окуу жайга өткөрсөк, акыл-эс кирип, окууга кызыгып кетеби деп ойлошту. Ошол жылы баласынын окууга өткөнүн же өтпөгөнүн көрбөй апасы көз жумду. Көп төрөп токтобогон балдары үчүн тарткан кайгысы болду.

Кайгыдан атасынын, бир аз эле күндө чачы агарып, карып кетти.

Туугандары кеңешип, Токтосунга аял алып бермей болушту. Токтосун менен атасынын кебетесин көрүшүп: «Эгерде буларга бирөө жардам бербесе, экөө тең мерт болушу мүмкүн», – дешти. Арадан жылдар өтүп, Токтосун балалуу

болуп, балдары чоңоюп калды. Атасы болсо күндөн-күнгө, жылдан-жылга карып кетти. Атам тамак ичтиби же ичпедиби, кийими кирби же тазабы, уктап жатабы же ойгобу, деген эч иши болбоду.

Токтосунду билип алган аялы: «Атаң тойбойт, ашка жүк, башка жүк, карыялар үйүнө тапшыр», – дей баштады. Токтосунга ал сөз деле баары бир. Бир күнү атасын автобуска салып барып карыялар үйүнө жеткирип келди.

Эшиктен кирген атасынан 6 жашка келип калган баласы: «Чоң атамды каякка жеткирип келдиң?» – деп сурады. – «Атам карып калды, аны ошол карыялар үйүнө жеткирип келдим» – деди, Токтосун. – «Мен чоңойгондо сени да ошол карыялар үйүнө жеткирип келем да ээ ата», – деди баласы.

*Эл оозунан*

## МЭЭРБАН КЫЗ

Кытай элинде эзелки мыйзам бар, бирөөнү алдагандыгы үчүн мойнуна күнөө коюлган кишинин колу кесилет. Бир төрө адам ушундай иш менен күнөөлүү болуп, алиги айтылган жазаны ала турган болгон.

Төрөнүн бири-биринен кичине төрт баласы боло турган. Алардын улуусу 12 жаштагы Ясмина аттуу кыз эле. Мына ушундай жаза бере турганын уккан Ясмина падышага келет.

– Таксыр падышам, – деди кыз, атам үчүн мен жооп беремин, – деп айтат.

– Менин атам жазага дуушар болгону ырас, анысы үчүн ал колунан айрылуусу керек болуп олтурат. Мынакей, таксыр, атамдын колу деп, өзүнүн колун көтөрдү.

– Бул кол да менин жазыктуу атамдын колу, бирок муну менен бала-чакаларын багууга чамасы келбейт, ошон үчүн таксыр, ушул начар колун кесип, бала-бакырасын багууга жарап турган колун атама калтырууну ырайым этиңиз.

Падыша Ясмина кыздын атасына ушунчалык мээримдүүлүгүнө ыраазы болуп, төрөнүн күнөөсүн кечкен экен дейт.

*Ыбрай Алтынсерик*

## ЭНЕ

Эне ооруп калды. Тандан туруп, демейки иштерин жасады. Уюн саап, бадага кошту. Сүтүн жылытып, машинага тартып, самоорго чай кайнатып, жалгыз отуруп чай ичти. Андан кийин төшөк каптап отуруп, денесинин ооруганын, жаны жер тартып турганын сезди. Жерге төшөктү кабаттай салып, кыйшайды.

– Эски оорум кармап калды го, өтүп кетер? – деп ойлоду ичинен. Кара тер басып, шайы кетти. Көңүлү айнып уйкусу келди. Бирөөлөрдү чакырып, убара кылгысы келбеди. Кокусунан кирип калган абысыны болбогондо, жата берип, эмне болот эле ким билсин... Абысыны бир нерсени сезгендей, кошуна-колондоруна кабарлап жиберди. Эзелтеден эле, кандай заман болсо да жетим-жесирди карап, кароосуз калганга

каралашчу кыргызым эми бул жолу да энени көзжаздымда калтырбады. Бири күлүн чыгарып, экинчиси чайын кайнатып, кемпирди кезектешип карап турушту. Кемпирдин үч жыл мурун окуйм деп Бишкекке кеткен боюнча дайын-дарегин билдирбеген жалгыз уулун издетип киши жөнөтүштү. Издеп кеткен адам шаардын булуң-бурчундагы тааныгандарынан сураштырып жүрүп, таппай айласы кетти. Акыры автобустун бир аялдамасындагы соода кылган кемпир-кесектердин жанында, маңдайына 5–6 куту тамеки, кичинекей кир баштыкка чемичке коюп алып, кылгырып кызуу отурган жеринен тапты. Айылдашы ага ал-акыбалды түшүндүрүп, айылга алып жөнөдү. Алар келген учурда кемпир жаңы эле үзүлүп кеткен эле. Аттуу-баштуулары акылдашып, майрам суугa алалы деп жатышкан. Уулу кирип келсе, айылдагылардын баары, өздөрү эркек уулду болгондой сүйүнүштү.

– Уулум, тагдырдын буйругу экен, апаңдан ажырап калдык. Кайрат кыл! – деп шарт эле угузду бир аксакал.

– Энеке! – деп бир бакырган баласы, эненин үстүнө бой таштады. Денеси сууй баштап, суналып калган кемпирге тап кирди. Акырындап, көзү ачылып, өңүнө жылмаюу кирди. Оозун кыбыратып, бир нерсе айтмакчы болду эле, алы жетпеди. Уулун тиктеген бойдон, созолонуп сулуусуна тартып жатып калды. Оо, түбү тешик дүйнө, жалгыз уулунун асылынан да азабын,

жыргалынан да жыласын көбүрөөк тарткан дагы бир өмүр өтүп кетти!

– Балам! Деди карыя. Жалган дүйнө деген ушул.

«Малым, малым дейсиңер, малың тоонун – чымчыгы, багым-багым дейсиңер, багың токой – чырпыгы», – дегендей, дүйнө эч кимге оопа берген эмес. Энең сен деп күн кечирип, сен деп жашады. Сен келгенде үзүлүп кетсе да, сенин келгениңди сезип, көзүн ачып, сенин карааныңды карегине батырып, тагдырына ыраазы болуп кетти... Атаңдан жаш калып, жалгыз сени бапестеп чоңойтсо да, сенин убайыңды көрө албады. Сен не жаштык кылдың, не мастык кылдың, ошентсе да энең эмеспи, кайрат кыл, уулум!

**Ата-эне милдети:** – Баланы адептүүлүккө тарбиялоо, багуу, окутуу (отургузуу) үйлөнтүү ж. б.

**Баланын милдети:** – Ата-энени сүйүү, урматтоо, сөзүн жерге таштабоо, ата-энени капалантпоо, кубандырып туруу, карыганда багуу.

Ошонун ичинен ата-энени кубандырып турууга жана капалантууга кайсылар кирет деп бышыктап койсо да болот.

**Капаланткан нерселер:** – Тил албоо, калп айтуу, сөгүнүү, сабакты начар окуу, тентек кылуу, тамеки тартуу ж. б.

**Кубандырып турууучу нерселер:** – Сабакты жакшы окуса, эне-атанын сөзүн жерге таштабаса, демек тил алчаак болсо, тентек кылбаса, көп окуса, эне-атанын бетинен өөп турса.

Ким көрсөтсө, ата-энеге урмат-сый,
Эрте кечпи ал өзүнө кайтат, туй.
Адеп менен абийир атак аларсың,
Бейбаш болсоң, ай талаада каларсың.

*Алишер Навои*

Карап турсаң айлампадай көктө күн
Атат, батат эч сезбейсиң өткөнүн.
Балалыгың өтөт, келет карылык,
Ким токтотот жылдын жылып кеткенин.

**Даанышмандардын сөздөрүнөн:**

Уул-кызы дайым сыйлап турса эгер,
Ата-эненин жүзү жайнап нур себер.

*Жусуп Баласагын*

Жакшыдан жаман туулса – чыгаша
Жамандан жакшы туулса – киреше.

*Сулайман Пайгамбардын акыл кептери*

? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Ушул төрт тексттен эмне окшоштукту байкадыңар?
2. Тексттердин эмне айырмачылыгын туйдуң?
3. «Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат» деген макалга силердин оюңар кандай?
4. Ушул тексттерде сөз болгон балдарга тарбия туура берилгенби? Силердин ой жыйынтыгыңар барбы?
5. Тексттер менен теманы канткенде кесилиштиребиз?

6. Ырды окуп, маанисине түшүн.
7. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макалдын маанисин ар бириң ата-энелерден кеп-кеңеш алып, жазып келгиле.
8. Накыл кепти жатта.

11-сабак

## АТАНЫН СӨЗҮ – АКЫЛДЫН КӨЗҮ

### ҮЧ КЕҢЕШ

Илгери-илгери бир карыя жашаган экен. Анын жалгыз уулу болуптур. Карыя бир күнү уулуна кайрылат:

– Балам, менин ичер суум түгөнөр кез алыс эмес. Көзүм өтүп кетсе, мен айткан үч кеңешти эстей жүргүн. Алар сага ар убакта жардамчы болот...

– Угайын, ата, – дейт уулу.

– Жашоонун купуя сырын билип жашаш керек. Накта Адам болом десең – сенин алдыңан эл кыя өтпөй, ийиле саламдашкандай болсун. Ар бир айылда үйүң болсун. Анан да, бутуңдагы өтүгүң күндө жаңырып турсун.

Жигит атасынын сөзүн кунт коюп укту, бирок табышмактуу кеңешти кантип аткарам деп бушайман болду. Аз ойлонуп туруп, атасына кайрылды:

– Ата, ар бир айылга үйдү кантип салам? Күн сайын өтүгүмдү кантип жаңылайм? Ар бир адамды канткенде ийилтип салам бердирем?

Карыя мыйыгынан күлдү.

– Бул мынчалык деле кыйын иш эмес. Ар бир айылдан күйүмдүү дос күткүн. Жакшы

досундун үйү сеники эмей эмне? Өтүгүңдү күндө жаңыртыш үчүн жаңысын тынбай сатып алуунун кажаты жок. Күндө кечте майлап-тазалап турган өтүктүн жаңыдан неси кем? Ишке таң заарынан жөнө. Көргөн адамдар сени сыйлайт, демек, ийиле салам беришет.

*Эл оозунан*

**? Суроо жана тапшырма:**

1. Жомокту окуп чык.
2. Карыя уулуна кандай кеңеш сөзүн айтты?
3. Уулу ал кеңешти кандай кабыл алды?
4. «Атанын сөзү акылдын көзү» деген темада дилбаян жаз.

## Аталар

Камчы басып ат калтырбас астына,
Оо, аталар таазим кылам жалпыңа.
Келгин куштай келип кете бересиң,
Кээ бириңер кайткыс болуп артыңа.
Оо, аталар сыймыктанар жайың бар,
Алатоодой силер кошкон салымдар,
Ар бир сөзүң уюткусу акылдын,
Ал адамга акыл-насаат сөзүң бар.
Мезгилинде акыл-насаат болдуңар,
Ошол доордо, силердин чоң ордуңар.
Түбүн түптөп эң байыркы замандын,
Пайдубалын алгач силер койдуңар.

*Э. Тынаев*

1. Ырды көркөм окуп, маанисин айтып бер.
2. Өзүңдүн чоң атаң, жети атаң жөнүндө эмне билесиң?

**Насыят**

Ойлобой кылсаң тартасың,
Туура эмес иштин азабын.
Атанын угуп акылын,
Абийирдүү болуп жашагын.
Акылдуу, мыкты адамдын
Акмак болсо баласы,
Өзүн эстүү санаого
Келбейт анын чамасы.
Атаны салбайт азапка
Акылдуу Ата баласы.

*Жеңижок*

## БАБАЛАР СЕПКЕН АСЫЛ ОЙ

Карыялар – элдин куту, жердин куту.

Эл – чалкыган дайра болсо, карыялар – ошол дарыянын өзү.

Ата – бала сынчысы.

Атанын акыл сөзүн уккун, унутпай өмүр бою эске туткун.

Акылдуу, мыкты адамдын
Акмак болсо баласы,
Эстүүмүн деп айтууга
Түк келбейт анын чамасы

**Тапшырма:**

Мен ата-энеме карата кандай адепсиз иш жасадым? – деген суроого адеп күндөлүгүнөргө жооп жазып келгиле.

## 12-сабак
# КАНДАЙ УЧУРДА КЫЗ БАЛА ЭНЕ СҮТҮН АКТАЙТ?

### АТА ТИЛЕГИ

Ата-энебиздин аркасы менен булутсуз ачык асмандай тунук, бактылуу, сонун балалыкты баштан кечирдик. Ата-эненин үйүнөн алган тарбия-таасир өмүр бою, көкүрөгүндө калат экен.

Мамлекеттик көрүнүктүү ишмер Султан Ибраимовдун кызы Айнура Ибраимовна врач-кардиолог, медицина илимдеринин кандидаты:

– Ата-энебиздин, бизге берген тарбиясы, Ата-мекенин сүйүүгө, элге кызмат кылууга, адептүүлүккө өзөк берди деп эскерет.

– Мен 4-класста окуп жүргөндө атам Султан Ибраимовду Ош обкомунун 1-секретары кылып шайлашты. Али бардыгы эсимде турат. «Секретарь» десе эле кабыл алуу бөлмөсүндө отурган секретарды элестетиппиз. Ата, сиз кимдин секретары болосуз? – деп бушаймманданып сурап жатабыз.

Атам: «Жок бул башка иш. Силер түшүнбөй жатасыңар», – деп күлдү. Кийин ушуну эстегенде атам-апамдар күлүп калышчу.

– Атам бизди түздөн-түз тарбиялаган жок, бирок жүрүм-туруму, мамилеси биз үчүн чоң тарбия болчу. Кызматтан чарчап, ал үйгө түнкү саат 9–10до, кээде андан да кеч келүүчү. Биз ушул убакты чыдамсыздык менен күтөбүз.

Куттуу очоктун тегерегинде үйбүлө чогулган жагымдуу кечтерде, апам дасторкон жайып, курсагыбыз ток, тегеректеп олтуруп алып, ар кимибиз өзүбүздө болгон жаңылыктарды айтып берчүбүз. Бош убактысы болгон учурда бизди эс алууга, паркка же жаратылышка алып барышар эле. Айлана-чөйрөгө, табигатка суктана, коңур үнү менен ырдаганды жакшы көрүүчү. Ал учурда да, ар кайсыны сурап, же көргөнүбүздү айтып берчүбүз.

Ал көңүл коюп укчу да, кээде түшүндүрүп, кеңешин берүүчү. Балдарым, жакшы окугула, келечекте элдин керегине жараган адам болушуңар керек дээр эле.

– Мен азыр өзүм эне болгондо дал ошол ата кеңеши, сөзү, кандай рухий күч болгонун түшүнөм. Атамдын жумшак көңүл боорукерлиги, талапкерчилиги менен айкалышып турар эле. «Элим кандай жашаса, мен да ошондой жашайм», – деген турмуштук талабы менен, – Кыргызстанды жакшы келечек күтүп турат»,– дечү. Атамдын көзү өтсө да, анын өрнөктүү эмгеги калды.

Апабыз азыр да биз, бир туугандар чогулуп калганда: «Балдар, атаңардын силерге деген максатын, тилегин унутпагыла, ыймандуу, кайрымдуу болгула. Силердин элиңерге кылган ак эмгегиңер атаңардын элесине болгон сыйыңар болуп эсептелет», – дейт. Мен өзүмө суроо берем: «Мен ата тилегин аткардымбы? Энемдин ак сүтүн актай алдымбы?..»

Эл алдында, мекен кызматын аркалап өзүмөн кийинкилерге үлгү боло жашаганда гана бул максатка жетериме көзүм жетет.

**? Суроолор:**

1. Айнура бала чагын кандай эскерет?
2. Султан атанын балдарына жасаган мамилеси жөнүндө эмне айта аласың?
3. Айнура атасынын тилегин аткара алдыбы?
4. Бул текст биздин темага жооп береби?

## Акыл тарбиясы

Ата энесин сыйлабагандын, Атамекенин сыйларына ишенбе.

Даңкка көппөгөн – даанышмандык, атакка көппөгөн – акылмандык.

Жакшы атанын жарыгы да бар, жалыны да бар.

Ата-энеңе кылган жакшылык –
Атамекениңе кылган жакшылык.
Энеңе кылган жакшылык –
Эл-жерге кылган жакшылык.

**Тапшырма:**

1. Мен энемди кубандырган жана кайгырта турган эмне иш кылдым? деген суроого күндөлүккө жооп жазып келгиле.

## 13-сабак
## МЕНИН СҮЙҮКТҮҮ АТА-ЭНЕМ

### Дилбаян

Мен атам менен апамды жакшы көрөм. Апам жок болсо үй караңгы сыяктуу. Жакында эле апам кичинекей бөбөгүм экөө эс алганы көлгө кетишти. Атам жумушунда иштеп, биз менен үйдө болду. Биз эмес, атам да көңүлү чөккөндөй. Кечинде бир аз телевизор көрөбүз да, эрте эле уктап калабыз. Апам келе турган күнү биз аябай кубанып жүрдүк. Мына апам да, бөбөгүмдү ээрчитип келип калды. Үй ичи шаңга толуп, апам менен кошо кут киргендей болду. Атам менен апамдын сөздөрү түгөнбөйт, баарыбыздын көңүлүбүз куунак.

Ой! – деп чочуду байкем, – Саат он эки болду, эс албайлыбы? Күнүгө убакыт өтпөй эрте уктап калчубуз. Апам үйдө болсо жакшы тура.

Бөлмөлөрүбүзгө кирип жатууга кам урдук. Уйкум келбей, көпкө чейин жаттым. Менин атам, апам кандай жакшы адамдар? Алар эч убакта оорубаса экен, чоңойсом силерди сыйлайм, багам. Ар дайым эсен болгула, менин сүйүктүү ата-энем. Анан жакшынакай ыр саптарын кураштырдым:

Ата-апам менин сүйгөн адамым,
Мага үлгү ар бир баскан кадамың.
Ыйыксыңар, улуусуңар мен үчүн,
Сага деген тилеги ак балаңдын.

Тилегим бар мен чоңойсом сыйлаймын,
Даңазалап өзүңөрдү ырдаймын.
Апам, атам эң ардактуу адамым,
Улуулукту, сулуулукту мен силерге каалаймын.

Кандай уктап кеткенимди билбейм. Эртең менен апамдын жумшак колдору саамайымдан сылап жатты. Көзүмдү ачпай эркелеп, дагы-дагы сыласа экен деп турдум. Бул дүйнөдө менден ашкан бактылуу бала жоктой сезилди. Атам адатынча чекемден сүйдү. Үйбүлө чогулуп, эртең мененки чайга отурдук. Биздин үйбүлө кандай бактылуубуз:

Маңдайыңан эркелетип сүйөргө,
Ар бир үйдө болсун мээрбан аталар.
Эркелетип мээрин төгүп дайыма,
Аман болсун, бар болушсун апалар.

Убагынан эрте жазып бүткөн дилбаяндарын окуучулардын каалоосу менен окутуп көрүү жана талкуууга коюу керек.

## 14-сабак
## ҮЙБҮЛӨДӨГҮ МАМИЛЕ

### КҮЧ БИРДИКТЕ

Алыскы, ак карлуу тоолордун арасындагы райондордун биринде жашаган үйбүлөнүн турмушу күндөн-күнгө оорлоп турду.

Кайра куруунун капшабы менен алар да өздөрүнө тиешелүү үлүш жерлерин бөлдүрүп алышкан.

Бир ата-энеден 5 бир тууган болсо да, ар кимиси өздөрүнчө болуп оокат кылышмак.

«Жаз жарыш, күз күрөш», – дейт эмеспизби. Алгачкы эле жер айдоо башталары менен ар кандай кыйынчылыктарга туш келишти. Күйүүчү майдын жетишсиздиги, техниканын тартыштыгы бул үйбүлөнүн, ага-ини, эже-карындаштардын жашоосун татаалдантып жиберди. Күзгү чабык келе жатат, эмне кылуу керек? – деген ой туулду.

Мына ошондо атасы балдарын чогултуп кеңеш курду:

– Балдарым, эми мындай кылалы. Чогуучаран иш кылбасак болбойт. Чогулуп фермерлик чарба түзөлү. Кышы менен ар киминер алыңарга жараша жоопкерчиликти алгыла.

– Самат, – деди улуу уулуна. Мамлекет айыл чарбасына атайы жеңилдетилген кредит берет экен. Сен үйбүлөң менен кеңешип, кредит алуунун жолдорун тап.

Аны алып, техника алалы. Тиги чет элде (Англияда) жүргөн ининерден «жардамга акча жибер» дейли. Ага күйүүчү май, үрөн алалы. Жездең менен эжеңдин үйбүлөсү мал-жанды чогултуп, жайлоого чыгышсын. Иштеген адамдын тамак-ашы күчтүү болбосо болбойт. Бээ байлап, айран уютуп дегендей. Ага чейин окуган иниң келип калса, чөп чабык, эгин-тегин жыйноого кол-кабыш кылганга жарайт.

Ал эми апаң экөөбүз, силердин мектепке баруучу балдарыңарга, жээндерге көз болуп кыштакта бололу. Кезек-кезеги менен көмөк көрсөтүп ортоңордо жүрөлү деди.

Ошентип, үйбүлө жыйынтыкка келишти. Улуу келини айыл өкмөтүндө экономист болуп иштегендиктен, кредит алууга керек болгон документтерин даярдап, банктан алган каражатка трактор алышты. Жерди айдатууга керек болгон үрөн, жерсемирткич менен камсыз болушту. Аңгыча Англияда жүргөн баласы да келип калды. Ал аларга кошумча жардам көрсөтүп комбайн менен жүк ташуучу автомашина алып берди. Кийинки жылы мурунку жылга караганда бир топ жеңил болду. Түшкөн түшүмдүн берекеси, малдын кирешеси кошумча жумушчу жалдоого мүмкүнчүлүк берди. Мына ошентип үйбүлөнүн «бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып» эмгектенгендиги менен, беш жылдын ичинде чоң фермерлик чарбага айланышып, алардын өндүргөн жашылча-жемиши, мал чарбасынын азык-түлүктөрү базарларда сатыла баштады. Бир күнү атасы балдарын чогултуп:

– Балдарым, мал союп элден, куда-сөөктөн бата алалы. Жетим-жесирге жардамды аябайлы. Силердин ишиңер элге өрнөк болсун! Кийинки муун да ушул иштти улап кеткендей болсун. «Күч бирдикте» деген ушул. Эл чогулуп «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң», – деп батасын берди.

Аксакалдын ыймандуу, адептүү, эмгекчил балдарына, небере-чөбөрөлөрүнө эл ыраазы болуп турушту.

## Суроолор жана тапшырмалар:

1. Үйбүлө кандай кыйынчылыкка туш болушту.
2. Атасы балдарына кандай кеңеш салды.
3. Балдары атанын акылын кандай кабыл алышты?
4. «Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгаруу» деген макалды кандай түшүнөсүң?
5. Чогулган эл атасына, балдарына кандай бата беришти?
6. Силер үйбүлөдө бир тууганыңар менен ынтымактуусуңарбы?

### Сөздүк

Ата-эне
Чоң ата-чоң эне
Байке-жеңе
Эже-жезде
Таяке-таажеңе
Таеже-таажезде
Ага-ини
Эже-синди

### Даанышман сөздөр

1. Ынтымак бар жерде ырыс бар.
2. Кичүү болсоң жатык бол.
3. Аңдышкан айыл конбойт.
4. Ынтымагың болбосо – ыркың качат.
5. Ынтымак бакытка жол ачат.
6. Жашында мылжың болсоң.
Карыганда кылжың болосуң.
7. Кичүүнү колдоп, жол бер,
Улууну сыйлап, кол бер.

**Насыят:**

Койкоюп өссө эгин, чөп
Көркү экен эгин талаанын.
Сыйлашпай кетсең жат болот
Сыр билги, жакын адамың.
Умтулсаң жакшы жүрүүгө,
Узарат сенин кадамың.
Жоргонун белин жоорутпа.
Узарып элге кеп кетет,
Бир тууган көөнүн оорутпа,

*Жеңижок*

**Тапшырма:**

1. Мен бир туугандарым менен кандай мамиледемин? деген суроого дилбаян жазып келгиле.

### 15-сабак
### Практикалык сабак

## ҮЙБҮЛӨДӨ ЭМНЕ КӨЙГӨЙ БАР?

### I сценка

**Катышуучулар:**

1. Энеси
2. Кыздары
3. Уулу.

Биринчи жана экинчи топтор үчүн: (Улууга урмат кылсаң, кичүүдөн кызмат көрөсүң).

Эшиктен эне кирет. Жоомарт телевизор көрүп отурат.

**Эне:** Дагы эле телевизор көрүп отурасыңбы? Мен эмне деп кеттим эле, атаң эмне деди эле?

**Баласы күңкүлдөйт:** Телевизор да көрсөтүшпөйт, жасайм да азыр. Эшикте суук болуп жатпайбы, бир азга жылынып алып анан чыгайын дегем...

**Энеси:** Эртеден бери жылынбай эшек такалады̆нбы, ыя? (Баласын уруп кирет. Баласы булкунуп, чапанын көтөрүп чыгып кетет.)

**Эне:** Мына оорду колдон, жеңилди жерден алат деген баланын кылганы.

(Эшиктен улуу кызы менен кичүү кызы кирет.)

**Кичүү кызы** (ыйлап кирет): Апа мени эжем кеңке урду. Эчтеке кылбасам деле ууу...ууу...

**Энеси** (улуу кызына карап): Сен качан киши болосуң деги, асылганың ушул кенедей кыз, көзүңдү чукуйм го бир күнү.

**Улуу кызы:** Өзүнөн көрсүн, тил албайт.

**Энеси:** Болду унчукпай кал.

**Улуу кызы:** Мен эмне кылып жатам, андан көрө кызыңды тыйбайсыңбы, тили эмитеден эле укмуш, тирмиңдеп.

**Энеси:** Болду, деп атам мен сага, сен эстүү болсоң кичинекей немени алдап койбойсуңбу?

(Кичүү кызы экөөнү карап турат.)

**Баласы** (эшиктен кирип апасына): «Апа, атам келатат мени мектепте жүрөт деп кой, макулбу? (Кайра чыгат.)

**Эне** (кайгырып, ыйлагысы келип): Баласынын кылганы бул. Эмитеден жалкоо болуп, айтканды да аткарбайт, силер болсо минтип урушуп турасыңар, бири-бириңди сыйлаганды билбейсиңер. Мени жеп, жутуп тынсаңар экен... деги. (Чыгат.)

**Эки кыз** (Сен болбосоң мындай болбойт эле, сен айтпасаң мындай болбойт эле, сен кылып, мен кылып, – деп уруша кетишет).

Эшиктен атасы кирет: Эки кызын ажыратып, жанына отургузуп акыл айтат: «Ээ, кыздарым, силер бир тууган экениңерди эч качан унутпашыңар керек. Эзелтеден элибизде улууга урмат көрсөтүү, кичүүгө ызаат көрсөтүү деген болуп келген. Улуусу эмнени айтса, кичүүсү ооз ачпай туруп, макул болучу. Жакшы киши жатык, сабырдуу, токтоо болот, кыздарым. Бул кылганыңарды кошуналар укса, «баягынын кыздары» ушундай экен деп, эneңерди, мени уятка калтырасыңар. Ынтымак бар жерде ырыс бар, кыздарым!»

*(Эки кыз уялып жер карашат.)*

**Суроолор:**

1. Бул үйбүлөнүн кемчилиги кайсы жеринде?
2. «Көйгөй» деген эмне экен?
3. Энесинин наараазы болгону туурабы же туура эмеспи?
4. Атасы эмнеликтен эки кызына ачууланган жок?
5. Силер кандай деп ойлойсуңар, атасынын баласына ачуусу келиши мүмкүнбү?

Үчүнчү жана төртүнчү топтун окуучулары бул көргөн сценкасы боюнча ой бөлүшөт, суроолорду даярдашат.

**Суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:**

1. Энесинин кыздарына жасаган мамилеси туурабы?

2. Уулунун мүнөзүн эмне менен түшүндүрөбүз?

3. Ата-эненин, бир туугандардын мамиле, мүнөздөрүндө эмне «көйгөй» бар?

4. Апасы эмнеге капа болду?

Суроолорго жооптор берилет, кошумча суроожооптор менен толукталат, бышыкталат.

## II сценка

### Жоругу жолдо калсын

**Катышуучулар:**

Баласы.

Апасы.

Кошунасы.

Үчүнчү жана төртүнчү топтор үчүн.

**Баласы** (Атасынын көчөдө отурганын көргөн, апасына келип): Атам арыктын жээгинде отурат, дагы эле мас, балдардан уялып бүтмөй болдум...

**Апасы:** Эмне болсо ошо болсун, уят болсоң эмне кылайын мен атаңдын оозуна арак куюп жатыптырмынбы? (Ачууланат.)

**Кошунасы** (Мас болгон үйдүн ээсин жөлөп таяп алып кирет): Ыя, Зина, Муса мас болуп үйгө жетпей арыктын жээгинде отуруптур, эптеп эпке келтирип, алып келдим, жаткырып эс алдырып кой.

**Апасы:** Эмне эле кыйынсынасың, минтип кой, антип кой деп, жөн эле эчтеке ичпегенсиң. Билебиз сени да, көргөнбүз сени да. Сенден эч ким суранган жок, үйгө жеткир деп, кадыр-көңүл

кылбай эле кой. Өз оокатыңды тың кылып алып анан сүйлө! (Апасы каарданат. Кошунасы таң калып чыгып кетет. Баласы карап турат.)

**? Суроолор:**

1. Бул үйбүлөдө кандай көйгөй бар?
2. Кошунасынын кылган мамилеси туурабы?
3. Апанын кошунага карата мамилесине сенин оюң?
4. Баланын кыял-жоругунан эмне жакшы жана эмне жаман нерсени көрүп жатасыңар?
5. Ата-эненин тарбиясы туурабы?

Бул сценкага биринчи, экинчи топ өзара ой бөлүшүп, суроолорду даярдашат.

### Жыйынтыктоо:

Демек, ушундай үйбүлөдөгү «көйгөй» деп аталган жаман нерсени, көрүнүштөрдү өзүбүздүн сабырдуулугубуз менен жеңип, өзүбүз андай болбоско баш коюп, келечегибиз жөнүндө ойлонгон, жакшы, акылдуу балдардан болот деп мен силерге ишенем.

### Окуучулардын билимин баалоо:

Топтун аткарган ролдоруна, активдүүлүктөрүнө жана суроолорунун тактыгына, ойлондуруучулугуна, ой-пикирлеринин маанисине карата коюлат.

## КУТ БИЛИМ

Акылдуулар муңкурап, алсыз болду,
Билимдүүлөр тыйылып, тилсиз болду.
Эл ичинде зулумдар арбын болду,
Момундардын мойнуна түйшүк конду.
Шарап ичип саткандар адамдыкты,
Жакшы аталып, баатыр деп аты чыкты.
Бузук ишти кылгандар делип адам,
Ичпегендин бир аты болду сараң.
Жакшылыкка жакшылык кылган барбы?
Жамандыкты жактырбай тыйган барбы?
Уул-кызда атаны урматтоо жок,
«Аксакал» деген сөздү сөгүү окшоп.

*Жусуп Баласагын*

Урайын десе кудайың,
Улуу душман жубайың.
Кызы салат кыйынга,
Кеби баспайт жыйынга.
Кызы чыгат кер айтып,
Уулу чыгат тир айтып.
Кайгысыз киши карыбайт,
Калп айткан киши жарыбайт.

*Калыгул*

### Сөздүк

**Тир** – каяша

**Кер** – каяша, тескери деген мааниде

**Кеби баспайт жыйынга** – аның сөзүн үй-бүлөсү укпаса башка киши угабы деген мааниде.

**Тапшырма:**
Ырды көркөм окуп кел.

# 16-сабак
# ЖАКШЫ БАЛА БОЛОЛУ

1. Жакшы бала – ата-эне үмүтү, жаман бала – ата-эне күйүтү. Кайгы кетмейт ата-ыненин жүзүнөн, жаман болсо баласынын жүрүшү.

2. Окубаса жалкоолонуп сабакты, сактабаса китептеги баракты. Жок дегенде актап ичсе болбойбу, ата-эне даярдаган тамакты.

3. Жакшы бала – бүт айылдын күзгүсү, жакшы бала үйбүлөнүн – үлгүсү Жакшы болсо уулу менен кыздары, дайым чыгар ата-эненин күлкүсү.

4. Элпек бала жагар дайым элеге, эмгектенип көрк да берер жерине. Орун алып эң алдынкы катардан, жакшы бала атаналы, келгиле.

## Окуучулар үчүн тесттик суроолор:

**1. Кыз менен эркек бала саламдашканда кайсынысы туура?**

а) өбүшүп учурашуу;
б) кыз баланын эркек балага кол бериши;
в) баш ийкешип учурашуу.

**2. Туура эмес жүрүш-турушту дегенди кандай түшүнөсүң?**

а) өзүңөн кичүүнү ыза кылуу;
б) автобуста улууларга орун бербөө;
в) чоң кишилердин айткандарын кабыл алуу.

**3. Ыймандуулук деген эмне?**

а) адептүүлүктүн нормасы;
б) кудайга ишенүү;
в) рухий байлык.

**4. Жамандык залалы кайдан келет?**

а) жаратылыштан;
б) айлана-чөйрөдөгү адамдардан;
в) өзүбүздөн.

**5. Терс жоруктарды оңдоого мүмкүнбү?**

а) ойлонуп көрсө болот;

б) мүмкүн;

в) мүмкүн эмес.

**6. Ар кандай баладан инсан тарбиялоо мүмкүн.** (Я.А. Коменский) Сенин оюң кандай?

а) эң туура айтылган;

б) мүмкүн эмес;

в) көп күч жумшоо керек.

**7. Сөз маданияты дегенди кандай түшүнөсүң?**

а) актердун сөзү;

б) туура сүйлөө;

в) тарбияласа болот.

**8. Үйбүлөдөгү ынтымак бул:**

а) балдардын ата-энесин сыйлоосу;

б) биримдүүлүк;

в) баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн.

**9. Баланын үч түрү бар.**

а) атага жетпеген бала;

б) ата менен тең бала;

в) атадан ашкан бала.

**10. Сен кайсынысына кирем деп ойлойсуң?**

а) биринчисине;

б) баардыгына;

в) үчүнчүсүнө.

**11. Кандай бала эне сүтүн актайт?**

а) ыймандуу бала;

б) жакшы окуган бала;

в) өзүмчүл бала.

**Тапшырма:**

1. Ырды жаттагыла.

2. Туура жоопторду адеп дептерине көчүрүп алгыла.

# III ЧЕЙРЕК
# АРЫБА, КАСИЕТТҮҮ КАЙРЫМДУУЛУК!

## 17-сабак
## КАЛК САЛТЫНДАГЫ КАЙРЫМДУУЛУК

*Акыркы ирет дем алса да жүрөгүм,*
*Бекем турдум кир жугузбай антыма*
*Мен ырымды мекенге арнап бергемин*
*Өмүрүмдү курман кылып калкыма*

*А. Осмонов*

Өмүрдөгү эң ыйык нерсе – иштеп, абийир менен тамак таап жеп, ошол тапканынан муктаж болгондорго жана тууган-туушкандарына кайрымдуулук мамиле жасоо. Байлыгы ашып-ташып, жаш болгонуна карабай, Таалайдын, бул жашоодон тажап бүткөндөй, чарчаган жүзүн айланасындагы адамдардын бардыгы байкаган. Ал узакка созулган саякаттан жаңы кайтып келсе да, чарчап-чалыккандай түрү бар эле. Жан-жөкөрлөрүнүн анын көңүлүн ачууга кылган аракеттерине көңүл да бөлгөн жок. Бир күнү эртең менен эрте туруп токой аралап жөнөдү. Жүрүп отуруп бир жерге узунунан кулап жата кетти. Канча убакыт өткөнү белгисиз, балдардын кобурашкан үнүнөн ойгонуп, аларды тыңшап калды.

**Биринчиси:** Сен баратып 1 млн сом таап алсаң эмне кылат элең? – деп сурады.

**Экинчиси:** Бул өтө көп, мага 10 миң эле сом жетмек, калганын жанагы көчөдөгү кайыр сурагандарга бермекмин, – а сенчи? – деп сурады.

**Биринчиси:** – Эгерде мен 1 млн сом акча таап алсам, өзүң билесиң бизде көп сандаган колунда жок, кедей адамдар көп. Иштейин десе иши жок, а кээ бирлеринин балдары окушпайт. Себеби, балдарынын мектепке кийип барганга кийими жок. Мен ошолор үчүн бир чоң мончо салдырмакмын да баарын бекер жуундурмакмын. Эгер дагы акчам кала турган болсо нан жасаган жай курдуруп, ошондой үйлөрдү тактап, алардын колуна менин колум коюлган кагазды берип күндө келип, 5тен нан бекер алып турууга сунуштамакмын, – деди. Өкмөткө да салык төлөп, ал төлөгөн салыгым менен пенсионерлерге да жардам бермекмин. Жолдошунун сөзүн сабырдуулук менен угуп турган жолдошу: Мүмкүн экөөбүздүн акчабызды кошуп туруп балдар үчүн бекер окута турган, окуу китептери бар, компьютерлери бар, дептер, калем сап, калем менен камсыз кылган мектеп курбайлыбы? – деп өздөрүнүн ойлогон ойлоруна ыраазы болуп, аябай кубанышкандыктары билинип турду.

Таалай жаткан жеринен шак туруп чуркап жөнөдү. Токойдон чыккан кезде баягы чарчаңкы, убайым тарткан өңү жок, жүзүнө кызыл жүгүрүп, көздөрү жайнап, ичиндеги тажатма, кайгы-капа калган эмес. Башка адамдарга жакшылык кылуу, бүткүл ой-дүйнөсүн ээлеп алган эле. Арадан көп жылдар өтсө да, ошо эки баланын

таттуу тилектери оюнан кеткен жок. Өзүнүн чөнтөгүндө бир сом акчасы жок, бирок таба турган акчасын, башка адамдардын бактысы үчүн сарптагысы келген балдардын үнү кулагында жаңырып турду.

? Суроолор:

1. Таалай эмне себептен көңүлү суз жүрдү деп ойлойсуңар?

2. Эки баланын ойлогон оюна кошуласыңарбы?

3. Таалай кайрымдуулук кылды деп ойлойсуңарбы?

4. Бул тексттен сен дагы эмнени түшүндүңөр?

5. «Эки баланын аңгемесинен кийин Таалайдын жүзүнө кызыл жүгүрүп, көздөрү жайнап», – деген фразаны кандай түшүндүңөр?

6. Бул текстке силер кандай тема коёт элеңер?

## ТЕРМЕ

Акылы бар азамат,
Сырын ичке сакташат.
Ак ниеттигин билген соң,
Адамдын баары мактапат.
Билими бар жигиттер,
Мүдүрүлбөй так басат.
Жаман болсо жүрүшүң,
Жар-жамаатын аксатат,
Какшык сүйлөп тийишпе,
Айыбы жок адамга.
Көз артпагын суктанып,
Бирөөнүн жакшы малына.
Калп, карөзгөй сүйлөсөң,
Карашпайт эч ким алына.

*К. Акыев*

**Осуят**

Эсте болсун ар качан эки нерсе,
Биринчиси – эл алдында парзынды эсте.
Экинчиси – нар төөдөй талбай иште.
Кайрымдуу, ырайымдуу болсоң эгер,
Кубанарсың баладай карган кезде.

*Т.Үмөталиев*

**Акыл кептер**

Кайрымдуулук – ыймандуулуктун асыл булагы, адамдарга жакшылык кылуу менен сен өзүңө баа жеткис байлык топтойсуң.

**Тапшырма:**

1. Биздин айылдагы (шаардагы) кайрымдуу адам деп кимди атасак болот, анын кайрымдуулугун эмнеден көрөбүз деген суроого ата-эне менен бирдикте кичине эссе жазып келгиле.

## 18-сабак
## КАЛК САЛТЫНДАГЫ КАЙРЫМДУУЛУК

### ИСЛАМ ДИНИ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Ислам дини VII кылымда башкача айтканда 610-жылдарда Сауд Арабиясынын Мекке шаарындага Мухаммед тарабынан таралган. Ислам дининин эң ыйык китеби – Куран. Мухаммед пайгамбар 40 жашынан баштап элди бир туугандыкка, боорукер, сабырдуу болууга, жакшылыкка үндөгөн. «Айкөл, аккөңүл болгула, бири-бириңерге жардам бергиле, кичүүлөрдү

ызааттап, улууларды урматтагыла, кайрымдуу болгула», – деген. Мухаммед пайгамбар тарабынан орозо айы рамазан ыйык айы деп жарыяланып, ал жалпы мусулман элине тартууланган жана бул рамазан айында ар бир мусулман баласына садага, битир берүү, колунда жокторго каралашуу милдеттендирилген.

Орозо – бул рамазан айында кармала турган ислам growth динде парз деп аталган улуу ибадаттарынан болуп эсептелет. Рамазан айы – исламда эң улуу ай деп саналат. Себеби бул айда орозо эле кармабастан, жарды-жалчыларга, кедей-кембагалдарга, жетим-жесирлерге кайрымдуулук көрсөтүлгөндүгү менен да рамазан айы ар бир мусулман баласына барктуу. Адамдар рамазан айында кошуна-колоңдорун, орозо кармаган адамдарды чакырып, ооз ачырып мамилесин жакшыртканга, урушкандар жарашканга аракет кылышат. Демек, кайрымдуулук адамгерчиликтин жогорку деңгээлине жеткирилет. Орозо айы кайрымдуулукту чын ниети, ак жүрөгү менен жасоону шарттайт. Адамдар боорукер болуп, бири-бирине жаман сөз айтышпай, уурулук кылбай, бардык жамандыктан алыс болууга аракет кылышат. Рамазан айында гана ушундай кайрымдуулукту жасап, башка айларда элге карабагандар да бар. Бул кайрымдуулук деп эсептелинбейт. Кайрымдуу адам деп силер эне-атаңар менен бирдикте жазып келген жообуңардагыдай, ал акылдуу, эстүү, боорукер, жүрөгү таза адам болуу керек.

Рамазан айынан тышкары адамдарды ынтымак-ырыскерликке чакырган түлөө өткөрүү, той берүү, элдин батасын алуу деген да кыргыз элинде жөрөлгөлөр бар. Булардын бардыгы элибиздин айкөлдүгүн, кең пейилдигин көрсөтүп, урпактарын кайрымдуу, мээримдүү, ырайымдуу болууга үндөп келет. Биз бул элдик салтыбыздын негизинде улууга урмат, кичүүгө ызаат кылууга үйрөнөбүз. Элдин салты – бул биздин ата-бабаларыбыздын мурас кылып таштап кеткен акылы, ыйманы, көрсөтмөсү, үлгүсү.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Орозонун адам баласына эмне пайдасы бар?
2. Зыяны эмнеде?
3. Садага, битирден башка кайрымдуулуктун кандай түрү бар?
4. Эмне үчүн кайрымдуулук адамдардагы эң жакшы сапат деп ойлойсуңар?

## КЕЙИП ТУРАМ

Көрүп кейийм аба, сууну булганган,
Жаштарыңан безе качкан ыймандан.
Араң турам «Аттиң ай, – деп көргөндө,
Ар кай жерде кайыр сурап турган жан.
Бирин-бири сабоо, зордоо, тономой,
Азыр эмне акча табуу жолу оңой.
Капилеттен бара калсаң базарга,
Алармандын алдап көзүн боёмой.
Жол жээгинде кумду, ташты төшөнө,

Көрүп масты оонап жаткан көчөдө.
Кейип турам, тапканыңды бүт ичип,
Ушул жашооң ушул бойдон өтөбү, ээ?
Кубанармын кемчиликтер жоюлса,
Кайрымдуулук аска таштай орносо.
Кошо оңдошуп эл жашоосун тартсам ээ,
Мекениме мен да болуп опол тоо!

*Э. Жумагазиев*

**Накыл сөздөр:**

Жаман күн жакшы болот,
Кудай урган бакшы болот.
Кең пейилдүү кемибейт,
Тар пейилдүү жарыбайт.
Эркелеткин жетимди, какпа, сокпо жесирди.

**Сөздүк**

Битир садага – адамдын байлыгын 40ка бөлүп бир бөлүгүн кедей-кембагалдарга, жетим-жесирлерге бөлүп берүү.

**Тапшырма:**

1. «Мени кубандырган мүнөзүм жана мени кайгырткан мүнөзүм» деген суроого ата-энеңер менен кеңешип, бирдикте адеп күндөлүгүнө жооп жазып келгиле.

## 19-сабак

***Практикалык сабак***

# КАЙРЫМДУУЛУК – ЖАКШЫЛЫКТЫН БАШАТЫ

*Үч нерсе адамга өтө зарыл: ыймандуулук, сабырдуулук, кайрымдуулук.*

Жайкы каникулда айылга ата-энем болуп эс алганы бардык. Атам өскөн айыл абдан кооз жерде жайгашкан. Абасы таза, суулар шаркырап агып, тегерек чети жашыл бак менен курчалып турат экен.

Биздин келишибиздин урматына чоң атамдын үйүнө атамдын бир туугандарынын баары чогулушту. Мен дагы көптөн бери өзүм теңдүү туугандарым менен көрүшпөгөндүктөн, алар кубанып тосуп алышты.

Биз, балдар-кыздар улуулардын уруксаат сурап, өзүбүзчө ар кандай көңүлдүү оюндарды уюштурдук. Мен аларга шаардын турмушу, досторум жөнүндө айтып бердим.

Ал эми мугалимибиз жайкы каникулда эстекаларлык окуялардан жазып келүүгө тапшырма берген эле. Мен өзүмчө ойго баттым. Өзүм теңдүү айылдык балдар-кыздарды уюштуруп, эсте каларлык иш жасагым келди. Улуулардын сөзүнөн улам, алыс эмес жерде өзү жалгыз жашаган чоң эне бар экенин билдим. Ал эненин

жолдошу Улуу Ата Мекендик согуштан кайтпай калыптыр. Согуш аяктаган соң жалгыз баласын чоңойтот. Баласы эрезеге жетип калганда, тоодон карагай сүйрөтүп келе жатып, аты үркүп, өзү карагайдын алдына калып каза табат. Чоң эне жалгыз калса да, өз оокатын кылып жашап келет.

Кээде ооруп-сыркоолоп калса, тууган-туушкандары үйлөрүнө алып кетели десе: «Өз үйүмдү кантип ээнсиретип таштап кетем. Абышкамдын, уулумдуң арбактары мени жоктоп калбасын, тирүүмдө өз үйүмдө эле болоюн», – деп болбойт.

Эне эл катары огородго жашылча-жемиш айдап, тоок кармайт экен.

Оюмдагы нерсени ишке ашыруу максатында балдар-кыздар менен кеңешип, энеге кол-кабыш кылмакка бардык. Огородду сугарып, короо шыпырдык. Суу алып келдик.

Шаарга кайтып кеткенче, күндө бир маал барып, чоң энеге жардамдашып турдук.

Чоң эне бизге ыраазы болуу менен: «Айланайындар, бактылуу, өмүрлүү, жакшы окуган балдардан болгула, – деп ак батасын берди.– Карыны сыйласаңар, кем болбойсуңар», – деп биз менен коштошту.

Шаарга барганда чоң эне жөнүндө, сөзсүз, дилбаян жазам. Досторума айтып, шаардагы жалгыз жашаган кары-картаңдарга жардам кылабыз деп, кубанычтуу кыялдарга баттым.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Силер жашаган жерде жардамга муктаж адамдар барбы?
2. Балдар кыздардын жардамын чоң эне кандай кабыл алды?
3. Чоң эне ыраазы болуу менен бирге кандай алкоосун айтты.
4. «Карыяларды сыйлалы» деген темада дилбаян жазып келгиле.

**Кулагыңа күмүш сырга:**

**Улууну сыйласаң, кичүүдөн сый көрөсүң.**
**Карыны сыйлоо касиет**
**Карынын батасын ал.**
**Карынын каргышынан сак бол.**

## 20-сабак
## КИМИСИ КҮЙҮМДҮҮ?

### ЭЛ САГЫНБАС, ЭР БОЛБОЙТ

Өткөн заманда Толубай деген сынчы болуп анын Токтогон деген уулу, Турсун деген кызы болуптур. Бир күнү Токтогон талаада ойноп жүрсө, аны эл кыдырып жүргөн соодагерлер уурдап кетет. Токтогон 10 жашта эле. Шаардан-шаарга, элден-элге өтүп отуруп, акыры бир шаарга келип баланы базарга сатмай болушат. Токтогондун жанында дагы өзүнө окшогон 3–4 бала болот. Сатыла турган күнү Токтогон жашын төгүп, шолоктоп ыйлап турат.

**Соодагер:** Токтогон! Сен эмне үчүн ыйлап жатасың? Ата-энеңден ажырап, биздин колго түшкөндө да ыйлаганың жок эле го? – деп сурайт. Бала ыйын токтотуп: Сиз туура айтасыз, мен барына чыдап ыйлаганым жок эле, азыркы сиздин сатканы жатканыңызга деле ыйлабас элем, бирок мени баама жеткирбей сатканы жатасыз. Мен ошого ыйлап турам дейт.

**Соодагер:** Базардын баркы боюнча баланын баасы 100 дилде. Андан ашырып сата албайм, алышпайт дейт.

**Токтогон:** Мунуңузга каршылыгым жок, бирок менин 3 өнөрүм бар: Биринчиси ат жакшысын тааныйм, саяпкерлик өнөрүм бар, экинчиси – шамчырактын жакшысын тааныйм, көзүм тунук көрөгөчмүн. Үчүнчүсү – адамды бир сүйлөшкөндө билемин – акылым тунук сынчымын деди. Соодагер баланын сөзүн угуп баланы базарга 1000 дилдеге алып чыкты. Бул жөнүндө кабар ханга жетип, каарданып, соодагерди баласы менен алдына алдырды.

**Хан:** Сен эмне үчүн базардын наркын бузуп баланын баасын 1000 дилдеге чыгардың? – деп ачууланды. Соодагер баланын өнөрлүү экендигин айтып, башын ийип турду.

**Хан:** Азыр сенин көз алдында баланын өнөрүн сынаймын, эгерде туура чыкпаса, сени катуу жазалайм, эгер туура чыкса мен 1000 дилдеге сатып алам деди.

Хан тулпарын алдыртты да: «Мына бул атты сынап бер», – деди. Бала атты минип ары-бери бастырып, суу кечип келди да:

– Урматтуу ханым, бул атыңыз нагыз тулпар, бирок уйдан жалгашкан жери бар экен, – деди.

Хан каарданып тулпарды баккан адамды алдырып, сурак жүргүздү.

– Мунун энеси жазга маал тууганДыктан, кара желин болуп сүт чыкпай, кулун өлө турган болгондо, 3 ай уйдун сүтү менен багып, аман алып калгам, башкасын билбейм, – деди. Баланын сөзү туура чыкты. Хан баладан, муну кантип аныктаганын сурады.

Урматтуу ханым! Жана суудан чыкканда эки арткы бутун кагып чыкты, жылкы баласы суудан чыкканда бутун какпайт, – деди. Хан экинчи өнөрүн аныктамай болду. Өзүнүн шамчырагын алдырып, баланын алдына койду. Бала шамчыракты бир карап эле;

– Улуу урматтуум! Бул шамчырагыңыз анык шамчырак экен. Бирок, таманындагы акакты калбыр кылып жеп жаткан бир курт бар экен, акак үлбүрөп сынууга аз калыптыр, – деди. Хан бала көргөзгөн жерге сөөмөйүн такады эле, шам чырак сынып, ичиндеги курт көрүнө түштү. Хан таңданып: – Муну кантип билдиң? – деп сурады.

– Кээ бир адамдар өтө алысты көрсө, кээсинин көзү жетпейт.

Ушул сыяктуу менин көзүм да башкалар көрө албаганды көрөт, көрөгөчмүн дегеним ошол, көзүм тунук, – деди.

Буга ханыша кубанып: – Бул бала бой тартып чоңойгондо, абдан акылдуу, даанышман болот, өзүбүз багып алалы, бул өзүбүзгө пайда, – деди.

**Хан:** Жок, миң дилдеге алсак, багып-чоңойтсок, көп каражат кетет, бизге зыян. Башка хандарга сыйлык кылганыбыз пайдалуу – деди. Ошентип баланын үчүнчү өнөрүн сынамак болушту.

**Хан:** – Кана мени жана аялымды сынап көрчү! – деди.

**Бала:** Урматтуу ханым! Сиз соодагердин тукумунансыз, аялыңыз хандын тукуму деди. Хан балага ачууланып: – Сенин чының туура эмес, жалган айтканың үчүн кожоюнуңду да, сени да жазага буюрамын! – деди.

**Бала:** Ханым! Өлтүрсөңүз колуңуздамын энеңиздин көзү бар экен, кыстап сурап көрүңүз, эгер мен ката кетирсем анан жазага буйруңуз, – деди. Хан энесинен чындыкты айтам дедиртип касам ичирип, өзүн жана аялын кимдин тукумунанбыз деп сурады. Энеси берген антынан коркуп чындыкты айтты.

– Балам сени төрөрдө хан чыгып кетти да, кетеринде:

– Эгер эркек төрөсөң сүйүнчү жибер, кыз төрөсөң өзүңдүн башыңды алам, – деди. Мен кыз төрөдүм, өлүмдөн коркуп, кызматчымды шаарга эркек бала издетип жиберсем, бир соодагердин аялы төрөптүр, 1000 дилдеге сатып келди. Кызымды болсо бирөөлөргө бердирип, бирок чоңойгуча өзүм акмалап, сыртынан багып жүрүп, сага алып бергем, – деди. Сенин соодагердин баласы экениң чындык, балам, – деп ыйлап жиберди.

Хан таң калып муну кантип билгендигин – сурады.

**Бала:** Ханыша менин айткандарыма баа берип, көргөзгөн себептериме кубанып жатты. Сиз болсоңуз мени сатып алган акчаңызды жана мени бакканга кеткен акчаңызды ойлоп жаттыңыз, ошол себептен мен ушундай жыйынтыкка келдим, – деди. Хан баланы 1000 дилдеге өзү сатып алды. Күндөрдүн биринде хан баланын жанына кызматчыларынан кошуп берип, өзүнө тулпар таап келүүгө буюрду. Бир канча күн кыдырып жүрүп, сууда өтүп бара жатып, суудан аттын тезегин алып карап: анык тулпар ушул өзөндүн башында экен, көрдүңөрбү бул тезектин суугa эзилбей келатканы, анын анык тулпар экендигин айтып жатат, – дейт. Өзөн бойлоп жүрүп отуруп, бир кедейдин үйүнө туш болушту. Үйдүн эшигинде бир арык карагер байланып туруптур. Бала аны миң дилдеге сатып алып, ханга алып келди да, ханым, эгер уруксат берсеңиз, мен өзүм тактап, өзүм чабайын, – деди. Хан макул болду. Күзүндө бир хан өлүп, ошонун ашында ат чабыла турган болуп калды. Даңктуу хандын ашына көз көрбөгөн, кулак укпаган жерден адамдар келишти. Хан дагы балага карагерди чаптырып, байгеге салмай болду.

Байгеге кошулган күлүктөр күнчүлүк жерден коё берилди. Баланын карагери карандатпай алдыга келди. Марага келгенден кийин аттын башын тартып, хандын астына келди да: «Тулпарды минген турарбы, тууганга жетпей турарбы? – деди да, аттын оозун коё берди. Хандын буйругу боюнча эл жабыла кууп калды.

Бала кайрылып, – Сен жетпейсиң, кайра тарткын. Бул бээнин ичинде туучунак бар, ошонун деми менен жакындадың. Хандын тузун таттым эле, айтып коёюн. Эгер сен дагы куусаң, бөөдө кулун салып коёт деди да, тулпардын оозун коё берди. Бала учкан куш менен жарышып отурду. Ошол учурда Толубайдын Турсун деген кызы уктап туруп: Ата! Тулпардын дабышы чыгат, – деди. Толубай эшикке чыгат: Кызым! Токтогонуң келе жатат. Балалык кылып, атты өткөрө таптап коюптур, бул жерге токтото албайт, элге кабар бер, жыйылып келип, аркан тартып, жок дегенде, баланы аман алып калалы, – деди. Айыл эли жыйналып, ар кайсы жерге аркан тартышып даярдашты. Көз ачып-жумгуча тулпар өттү. Карап турган көпчүлүк баланы тосуп калышты. Тулпар ээ-жаа бербей, сызган бойдон көздөн кайым болду. Токтогондун биринчи эле сөзү: Ата, амансыңбы? – болду.

**? Суроолор:**

1. Токтогондун атасына болгон күйүмдүүлүгү кайсы жеринен билинип турат?
2. Автордун айтайын деген ою эмне?
3. «Эл сагынбас эр болбойт» дегенди кандай түшүндүңөр.
4. Эмне үчүн автор теманы ушундай атады?

### БАБАЛАРДАН НАКЫЛ КЕП

Жакшы адам күйүмдүү, белдүү келет,
Бирөө үчүн аянбай жанын берет.

Элге пайда келтирет жоомарт киши,
Боорукер, жалпы элге улук өзү.
Жөнөкөй бол, пейилиңди кенен карма,
Айбын ачпа бирөөнүн эл алдында.
Напсиңди тыя бил да, ачууңду бас,
Өзүңдү бузук жолдон алыстат, кач.

*Баласагын*

### Накыл сөздөр:

Жакшы менен дос болсоң,
Насиби жугат.
Жаман менен дос болсоң,
Кесири жугат.
Жолдошуна жолборстой жигит кубанат.

### Сөздүк

**Белдүү** – ишенсең таянсаң болот
**Улук** – элдин башчысы

**Тапшырма:**

1. «Биздин үйбүлөдө кимиси күйүмдүү?» деген суроого өз алдынча ой жүгүрткүлө жана аны адеп күндөлүгүнө жазып келгиле.

## 21-сабак
## ДОС ЖАНА ДОСТОШУУ

### ДОСТУН ДОСТУГУ КЫЙЫНЧЫЛЫКТА БИЛИНЕТ. КАЙРЫМДУУ ЖАНДЫН ДОСУ.

Дос деген сөздүн мааниси зор. Адам баласы өз жашоосунда өзүнө жакын адамды издейт.

Бирок алардын баары эле күйүмдүү дос боло бербейт. Мына ошондой турмуштук мисалдарга токтоло кетели:

– Фарида 5-класста окуйт. Анын чогуу окуган Жылдыз, Тахмина деген жакшы достору бар. Фарида алар менен дайыма чогуу сабак даярдайт, паркка сейилге да бирге барышат. Бир күнү Фарида бутун кокустатып алып, ооруканага жатып калды. Кыздар Фаридага барып ал-ахыбалын сурап турушту. Кийинки учурларда Тахмина ар кандай шылтоолорду айтып, көп барбай калды. Ал эми Жылдыз болсо күнүгө Фаридага баруу менен, анын көңүлүн көтөрүп, кызыктуу китептерди окуганга алып келип турду. Фарида ооруканадан чыккандан кийин да үйүндө жатып, көпкө чейин сабакка келе алган жок. Ошондо да Жылдыз үйгө берилген тапшырмаларды алып келип, чогуу даярданып жүрүштү. Мына ушундан кийин Фарида Жылдыздын чыныгы дос экендигин сезди. Ал эми Тахмина кыйынчылык учурунда колдой албаган, жөн эле шайкелең, туруксуз, күнүмдүк дос экендигин турмуштук жагдай айгинеледи.

Дос деп бири-бирине өтө күйүмдүү, кыйынчылык башына түшсө жардамдашкан, байлыгына, мансабына карабагандарды айтабыз. Адам баласынын тарыхында өтө жакын дос болуп, достук аркылуу эки элдин ынтымагын, кызматташтыгын бекемдеген далилдер өтө көп. Маселен, «Манас» эпосундагы Манас менен Алмамбеттин достугу өтө бекем, ширелген достук болгон. Эмесе Алмамбет Кытайдан келген болчу.

Манас кыргыздын хандарын чогултуп, Бээжинге аттанганда, Алмамбет жол көрсөтүп, бөтөн жердин сырын ачып берген. Ал эми Курманбек эпосунда Курманбек менен Аккандын ширелишкен достугу муундан-муунга айтылып келет. Себеби, атасы жалгыз баласына Телтору атын бербей койгондо, Аккан досу сурап барат.

Демек, ар бир адам өзүнө дос издөөсү керек экен. «Эгер адам дос күткүсү келбесе, өзүнө-өзү душман», – делет чыгыш элинде.

«Досунду көрсөт – сенин ким экениңди айтып берем», – деген накыл сөз бар.

Бирок, чыныгы достуктун түпкү маңызы башкы нерседе. Ар бирибиз достукка бекем болуп, дүйнө эли бир туугандыкта, достукта жашаса дейбиз.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Текстти окуп чыгып мазмунун айтып бергиле?
2. «Дос» деген сөздү кандай түшүнөсүң?
3. Силер окуган класста достошкон курбуларың барбы?
4. Дос күтүү зарылбы?
5. «Чыныгы дос кандай болот?» деген темада аңгеме жазып келгиле.

## Дос

Чыныгы дос жакшылыкты,
Жамандыкты тең бөлөт.
Сен уктасаң кошо уктап,
Сен көргөндү тең көрөт.

Башка иш түшсө сурап турбай,
Жанын, малын аябайт.
Жакшы жолдош жараганга,
Жаман жолдош жарабайт.

*У. Шекспир*

**Тапшырма:**
Ырды жаттап көркөм айтып бер.

**Кулагыңа күмүш сырга!**

– Достун достугу – кыйынчылыкта билинет!

– Баркыңды билбеген көп дос күткөндөн көрө, баркыңа жетер бир дос күткөн дурус.

– Достун бири сүйдүрүп, бири күйдүрүп айтат.

– Күйдүргөндөн чочубай, сүйдүргөндөн сак бол!

– Адамга таандык мыкты дөөлөт – бул достук.

## 22-сабак
## ДОС ЖАНА ДОСТОШУУ

### ЧЫНЫГЫ АДАМ ГАНА ДОСТУККА БЕКЕМ ТУРАТ

*Жылдызыңды түшүрбөй*
*жылмайып койчу, досум.*

Бектемир менен Тобокел кичинекейинен эле бир көчөдө жашап, бир класста окуп калышат. Мектептен келери менен тамак ичип алышып, сабакты бирге даярдашып, кеч киргенге чейин бирге болушчу. Уктар маалда гана үйлөрүнө тарашар эле.

Ата-апалары да ырымдашып, эки баланы дос кылышып, бири аяш апа, аяш ата болушуп бири-бирине көйнөк кийгизишти.

Болгон тамактарын чогуу жешип, аябай ынтымактуу жүрүштү. Бектемир чоң класс болгондо алгебраны өтө жакшы билчү. Үй тапшырманы чыгара албагандар алышчу. Тобокел кийинки учурларда өтө түнт, оор басырыктуу болуп кетти.

Айрыкча атасы каза болгондон кийин бир үйдүн улуу баласы болгон үчүнбү айтор, өзгөрдү: мектептен да эч ким менен сүйлөшпөйт. Бирок, Тобокелге сабактарынан жардам берип досчулугун үзгөн жок.

Убакыт закымдап үчүн, мектеп партасынан, уядан учуп, балдар туш-тушка тарашты. Бектемир үйдөгү шартына карап, эч жака барбастан айылда калды.

Кийин айылдык бир кызга үйлөндү да, күнүмдүк турмуштун агымына кирди. Тобокел шаарга келип, жогорку окуу жайдын бүткөрүп, айылга келип мугалимдик кесипти жолдоп, жаш өспүрүмдөргө билим тарбия бере баштады. Кийин окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору болуп иштеп калды. Экөөнүн достугу баягыдай эле бекем. Келинчектери да ынтымактуу. Экөө тең балалуу болушкан. Эки үй-бүлөнүн балдары да бири-бири менен бир туугандардай мамиле жасашат.

Бир жолу Бектемир катуу ооруп, айыкканга чейин Тобокел колунда болгонун аяган жок,

досуна күйүп бышып: «Сен эгер окусаң эмдигиче профессор болмоксуң, мейли эми балдарың өссүн», – деп кээде көңүлүн көтөрөт.

Бектемир айыгып, катуу ишке жарагыча, анын үлүш жерин кошо иштетип, бир тууганынан артык жардам берди.

Буудай чапканда да, өзүнүкүн коё туруп: «Кой, биринчи Бектемирдикин чаптырайын, көп бышып кетти, даны күбүлүп калбасын», – дегенде, «Өзүбүздүкүн биринчи чаптырбайсыңбы?», – деп аялы каяша айтса, Тобокелдин жаны кашайып:

– Ооруп жүргөндө көңүлү көтөрүлсүн, аяп жатам деп үшкүрүнүп алды.

Көрсө оорусу айыкпас дарт тура. Бектемир ошол күздө каза болуп калды.

Ошондо досу үчүн Тобокелдин кайгырганын сөз менен айтып бере албайсың.

Азыр да эл: «Дос болсо экөөндөй болсун дос деп ушуларды айткыла», – дешет. Тобокел досун эстегенде азыр да сыздап кетет. Бектемирдин балдарына атасы жоктугун билгизбей жардам берип турат. Аяшы да Бектемирдин арбагын сыйладыбы, ошол бойдон турмушка чыккан жок. Улуу уулу Улан атасынын талантын тартканбы, жогорку окуу жайын бүтүрүп, мектепте математикадан сабак берет, адептүү жигит болуп өстү. Эл-журттун оозуна алына баштады.

Бул ийгиликке жеткиришинде аяш атасы Тобокелдин эмгеги  абдан зор.

? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Бектемир менен Тобокел кантип достошту?
2. Бектемир ооруп калганда досу кандай жардам берди?
3. Чыныгы дос деп кандай досторду айтат экен?
4. Үйдөн достукка байланыштуу макал-ылакаптарды жазып келгиле.

## ДОСТУК ЖӨНҮНДӨ ЫР

«Дос» деген сөздүн өзү – кандай улуу,
«Дос» деген сөздүн өзү – кандай жылуу.
Турмушта акыреттик досуң болсо,
Адамсың жер үстүндө эң бактылуу.
Башында күн түшкөндө дос жанында,
Башына бак конгондо ал жанында.
Турмушта кыйышпаган досуң болсо,
Жалтанбай түз барасың от-жалынга.
Аябайт анык досуң жанын дагы,
Аябайт анык досуң канын дагы.
Керекпи,
Тонун берет үстүндөгү,
Керекпи,
Атын берет алдындагы.
«Дос» деген сөздүн өзү – кандай улуу,
«Дос» деген сөздүн өзү – кандай сулуу.
Турмушта акыреттик досуң болсо,
Адамсың жер үстүндө эң бактылуу.

*Т. Артыков*

«Эгер досуң чыныгы дос болгуң келсе, анын касы менен кас, досу менен дос болушуң керек».

*Улукман аке*

Достук – бардык байлыктан артык.
Достук дидары – көздүн нуру.

*Мухаммед пайгамбардын осуяты.*

Кайрымдуу жандын досу көп.

*Татар эл макалы*

Бир сөздөн достук бузулат.

*Корей эл макалы*

Дос күтсөң демин байкап күт.

*Кытай эл макалы*

## 23-сабак
# МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ

### УЛУТ АРАЛЫК ЫНТЫМАК, ДОСТУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК

Күлкүнүн арт жагында күйүтү бар,
Күйүттүн ар жагында күлүшү бар.
Ээрчишип жүрө берет кезектешип,
Мезгилдин күнү менен түнү сымал.
Айлананда адамдан тууган күтүп,
Заманыңа салым кош, үлүшүң ал.

*Б. Сарногоев*

## БАЙТИК БААТЫР

Байтик кыргыздын баатыры деп аталган. Ал адам 19-кылымдын аягы – 20-кылымдын башында жашап, өз доорунун кадырлуу адамдарынан болгон. Байтик баатыр, айтылуу Канай бийдин баласы. Чоң атасы Жанкарач бий болгон. Түлөберди баатырдын тукумдары. Байтик баатыр өз элинин ынтымагын бекемдөө гана эмес, кошуна мамлекеттердин элдери менен да ынтымакта болуп, достук байланыштарды туура жолго коюп турган. Кезегинде Манас бабабыз да кошуна элдер менен ынтымагын күчөтүү үчүн кыз алып, кыз беришип, мамилени оңдоп келген. Ал кырк чоросун да көп улуттан чогултуп, курама жыйнап куш кылган. Кийинки эле Улуу Ата Мекендик согушта болсо, улуттар сен орус, мен кыргыз деп бөлүнбөгөндүгүнүн, бири-бирин бир туугандай колдогондугунун натыйжасында жалпы Советтер Союзунун эли жеңишке ээ болгон.

Мына азыркы кезде бир класста канча улуттун өкүлдөрүнүн улан-кыздары окушат. А кошуналарыбызчы? Эгер биз алардын салтын сыйлабасак, аларга достук мамиле кылбасак, алар да бизге мамилесин өзгөртөт, ал уруш-талашка алып келүүсү мүмкүн.

### Байтик баатыр баяны

Карындагы баланын,
Хан болорун ким билет.
Кээ бир бала хан болуп,
Калк кадырын билдирет.

Бешиктеги баланын,
Бек болорун ким билет.
Бел болуп ата-журтуна,
Бек кадырын билдирет.
Ар кайсы жерден чыгып айрым улут,
Айтылуу кенен үйгө келсе жылып.
Эр Байтик күлүмсүрөп кучак жайып,
Ардактап күтүп алчу тосуп чыгып.
Казагы, өзбеги, орусунан.
Кайдагы алыстагы болушунан.
Кабарын угуп алып эр Байтиктин,
Келсек деп кенен Чүйгө колун сунган,
Орустун бир төрөсү келип калып,
Омоктуу эр Байтикке көзүн салып.
Оруска дос болгун күлө сүйлөп,
Оң колун сунуп калат, колдон алып.
Отуруп дос кылууга макул кылды,
Орусту кыргыз элге жакын кылды.
Солтодон элчи болуп Петербургга,
Сый көрүп келген экен Байтик барып.
Бир сөзү текке кетпей аткарылып,
Болбоптур эр Байтиктин кеби жалган.
Боорукер болуп өскөн жаш кезинен,
Бечара, кембагалга берип жардам.

*А. Ысмаил уулу*

## ? Суроолор жана тапшырмалар:

1. Байтик деген ким экен?
2. Ырдагы Байтик баатырдын улуттар арасындагы ынтымакты чыңдагандыгы тууралуу айтылган жерин тап.

3. Элчинин кылар иши эмне деп ойлойсуңар?
4. Улуттар арасындагы байланышты, достукту, ынтымакты кандай түшүнөсүңөр?

## Бир жакадан баш чыгар

Кыргыз элин, өз элим деп айтчулар,
Кыргыз жерин, өз жерим деп басчулар.
Бытыранды улуттарга бөлүнбөй,
Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгар.
Узак мезгил сиңип келген сезимге,
Улут, уруу керек чыгар кезинде.
Башында ой майдаланып баратса,
Манас деген бабаң турсун эсинде.
Эмгекчил эл. Эл ичинде башчылар,
Кай бириң – карт, кай бириңер – жашсыңар.
Ыйман менен, ызаат менен, иш менен,
Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгар.

*Б. Сарногоев*

## Акыл кептер

Эл кадырын эл баккан
Эрлер билер деген сөз.
Зер кадырын зер бакан
Зергер билер деген сөз.

*Жамбыл*

Ырыс алды ынтымак.
Ынтымагы жок болсо, алдыңан таяр алтын так.

*Калыгул*

Азаматтын сыны – эрдик.
Издесең табасың.
Алышсаң аласың.

*Абай*

## 24-сабак
# САРАҢДЫК

*Мейман өз ырыскысы менен.*

*Байлык топтоочумун деп,*
*түйшүк үйбө башыңа.*

Илгери-илгери бир дүнүйөкор адам болуптур. «Мал мүлкүмө зыян келип, тамак-ашымды ичип кетет», – деп элден бөлүнүп, бир ээн коктуга көчүп барып, жалгыз жашайт. Ал коктунун төрүнө жайлап, жакасына кыштап, малын багып жүрө берет. Күн сайын ченеп тамак жасап ичип, малынын туягын көбөйтүү менен алек болот.

Ошентип жүрүп карыйт, кемпири да алдан күчтөн кете баштайт. Бир күнү алардыкына бир чоочун жолоочу келет. Жолоочу алыс жолго бара жаткандыгын, тамактанып, эс алгысы келгенин айтат.

Дүнүйөкор абышка-кемпир адатынча: «Кондура албайбыз, араң жан сактап жүргөн бизди коюп, ылайыктуу жерди таап конбойсуңбу», – дешет. Алар бул жолоочуну малыбызды уурдаганы келген неме го деп ойлошот да, кетип калар бекен деп, ага тамак бербей коюшат. Бирок жолоочу көгөрүп кечке чейин кетпей отуруп алат. Кеч киргенде жолоочу: – Кур дегенде улагаңарга эле жатып кетейин? – деп суранат.

– Жатсаң жат, – деп кыйналып жатып уруксат беришет. Чарчап келген жолоочу тез эле уктап кетет. Катуу уктаганына көзү жеткен соң, кемпири күндөгүдөй экөөнө ченеп суу куюп, ченеп эт салып, тамак бышырат. Тамак

бышкан соң, экөө этияттык менен иче баштайт. Абышка-кемпир тамакка тоёт. Бирок, казанда дагы эле тамак артып калат. Мындай кызыкка түшүнбөгөн абышкасы: Жолоочуга берейин деп атайын көп жасаган экенсиң, – деп кемпирин жемелейт.

– Жок. Күндөгүдөй эле ченеп жасадым. Андан көрө сен мага байкатпай кошуп койгонсуң го, деп айтыша баштащат. Ошол кезде уктап жаткан жолоочу ойгонуп кетет. Сураштырып иштин жайын билген соң:

– Бул менин ырыскыма буюрган тамак тура. «Коноктун ырыскысы өзү менен», – деген ушул. Мага бербейли дегениңер менен, буюрган тамакка айла жок экен, – дейт.

Абышка-кемпир ошондой кийин: «Элден бекер эле бөлүнүп жүрүптүрбүз. Келген конок өз ырыскысы менен келет турбайбы. Андан көрө эл арасына баралы», – деп тогуз жолдун тоомуна көчүп конушат.

Жолдон өткөн арып-ачкандарга бар тамагын аябай берип, элдин алкышын алат. Элдин алкышы менен кемпир-чал кайра жашарып, жыргап-куунап, эл арасына жашап калган экен.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Дүнүйөкор деген кандай адам?
2. Абышка кемпир эмне себептен элден бөлүнүп жалгыз жашап калды?
3. Жолоочуга абышка-кемпир кандай мамиле кылышты?
4. «Коноктун ырыскысы өзү менен» дегенге кандай түшүнөсүң?

5. Жомокту окуп чык.

6. Ачкөз дүнүйөкордун сүрөтүн тарт.

## САРАҢБАЙ

Эч убакта колунан,
Жакшылык кылуу келбеген.
Колундагы буюмун,
Битиреп такыр бербеген.
Өзүндө болсо экен деп,
Эсептешпейт эл менен.
Бир тууганга барышпайт,
Кошуна менен катышпайт.
Коногу келсе үйүнө,
Тамагын берип жарытпайт.
Кичине бөбөк келсе да,
Жаба салат табагын.
Мээримин төгүп кел дебей,
Сындырат шагын баланын.
Ай сараңбай, сараңбай,
Өзүңө таң калам ай.
Сарандык сапат жарабайт,
Берешен болгун, балам ай!

*Г. Жарашева*

## БАБАЛАРДАН НАСЫЙКАТ

– Дүнүйө мүлктүн көптүгү эмес, көңүлдүн төптүгү – байлык.

– Ачкөз киши акысыз болсо, уу да болсо, иче берет.

– Ачкөз адам көлдү да сатып ийгиси келет.

– Сараң адам бактылуу болбойт.

## 25-сабак
### *Практикалык сабак*

### КАНДАЙ БАЛАНЫ САРАҢ, ТАШБООР, ИЧИТАР ДЕП АЙТАБЫЗ?

Окуучуларды 4 топко бөлүп, ар бир топко тапшырма берүү.

**1-тапшырма:**

1. Адам баласы төрөлгөндө эле сараң болуп төрөлөбү?
2. Балдардын ташбоор болушуна ким күнөөлүү? Силердин ой-пикириңер кандай?
3. Кандай баланы ташбоор, сараң, ичитар деп айтабыз?
4. Сараң, ташбоор, ичитар баланын келечеги кандай болот? Силердин көзкарашыңар?

**2-тапшырма:**

Адамдагы ичитардык, ташбоордук, сарандык сапаттарга карата өздүк позиция:

| Макулмун | Каршымын | Бул жөнүндө ойлонгон эмесмин |
|---|---|---|
| Эмне үчүн адам өзүнүн буюмун башка бирөөгө бериш керек... | Адам баласы саранданбай, бөлүшүп мамиле кылыш керек... | Сараң болуш, ичитарланыш ар кимдин өз иши деп ойлойм... |

**Үй иши:**

Өзүн-өзү тарбиялоо дептериңерге өзүңөрдөгү жаман сапаттарды жазгыла жана ойлонгула.

## IV ЧЕЙРЕК
# ЭЛДИК АДЕП МАДАНИЯТЫ

### 26-сабак
## ҮЙБҮЛӨДӨГҮ УЛУУЛАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ

«Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат».

«Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың».

«Агасын көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт».

«Улуусун тарбияласаң кичүүсү өзү тарбияланат».

Адамзат жашоосунда ар бир инсандын үйбүлөсү, тууган-уругу бар. Тамыры болбой эл болбойт. Эгер бир адам келин алса, кимдин кызы, кайсы уруудан деп сурашат элде. Себеби дегенде, ошол кыздын, баланын үйбүлөсү кандай болсо, ал бала же кыз жөнүндө элде ошондой ой, түшүнүктөр калат. «А, ал үйбүлө ынтымактуу, тартиптүү, эмгекчил», же тескерисинче, «Ой ал үйбүлө жалкоо, ынтымаксыз» деп, сырттан жыйынтык чыгарып коюшат. Себеби, кыргыз эли – ушунчалык даанышман калк. Турмуштагы окуяларды макал менен аныктап коюшат. Чындыгында, алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат». «Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт». Себеби адам төрөлгөндө ак барактай таптаза болуп жаралат. Ага эмнени жазсаң ошондой болуп калат. Ошон-

дуктан, үйбүлө мүчөлөрү бири-биринин алдында көп нерсеге милдеттүү. Айрыкча ата-эне, эже, ага өзүнөн кичүүлөргө үлгү болушу керек. Ата-эненин балдарына каалаганы – жалаң гана жакшылык. Өз баласынын турмушта туура багыт алып, өсүүсү үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, акыл-насаат айткандан тажабайт:

Катуу айтып, жакшы айтып,
Тыя албайт бекен атасы?
Баласын жаман өстүргөн,
Уялбайт бекен апасы.

Жогоруда ыр саптарда айтылгандай баланын келечегине ата-эне жооп берет. Ата-эне баласы жаман болуп чоңойсо уятка калат.

Атанын насаатын окуп көрөлүчү:

Кызыкпа балам ичүүгө,
Жакшы жол көрсөт кичүүгө.
Кажыбай иште барктуу бол,
Досторуңдун ичинде.
Өнөрүң болсо өргө чап,
Кор кылбай алтын жанды бак.

*А.Үсөнбаев*

Биздин ата-бабабыздан калган макалда «Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт» дегендей, үйбүлөдөгү улуулар кичүүлөргө ар дайым туура жол көрсөтүүгө милдеттүү.

### Ата-эненин балдарынын алдындагы милдеттери:

1. Өз баласына туура тарбия берүү.
2. Адеп, ыйман айтуу.
3. Бир кесипке ээ кылдыруу.

4. Коомго, эли-жерине пайдасы тийген инсан кылып тарбиялоо.

5. Үйбүлөлүү болууга жардамдашуу.

Ата-эне, бир туугандар – бала үчүн кадыр-барктуу адамдар. Ар бир бала өз ата-энесин башкалардан артык көрөт. Алар кандай жашаса, ошого окшош болгусу келет. Силердин да ар бириңердин эже, байке, ини, синди-карындаштарыңар бар. Ошондуктан үйбүлөдө, айрыкча улуулар өзүнөн кичүүлөрдүн алдында милдеттүү экендигин эстен чыгарбооңор зарыл.

Мисалы, **аганын милдети:**

1. Инисин же карындашын адептүү, ыймандуу болууга үйрөтөт.

2. Эгер бирөөлөр кордосо, же туура эмес мамиле кылса коргойт.

3. Эмгекке (үйдү жыйнаганга, кир жууганга, короо тазалаганга ж. б.) үйрөтөт.

4. Туура сүйлөгөнгө, сөгүнбөй сылык болгонго көндүрөт.

5. Билим алуу сөзсүз керек экендигин түшүндүрөт.

6. Өзүн таза, тыкан алып жүрүүгө үйрөтөт.

7. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырбаганга үйрөтөт.

**Балдарга насыят:**

1. Ар дайым сабырдуу бол.

2. Ачууң келсе өзүңдү-өзүң тый.

3. Акырын жумшак сүйлө.

4. Эч качан эки жүздүү, орой болбо.

5. Сен канчалык акылдуу, кыйын болсоң да, өзүңдөн төмөн адам менен урушпа.

**БИР АКЫЛМАНДЫН СӨЗҮ:**

Эгерде үлгүлүү болом десең, төмөндөгүлөрдү эсиңе өмүр бою тут.

1. Өзүндөн улуу киши менен урушпагын.
2. Сыналбаган адам менен дос болбо.
3. Калпычы менен мамиле түзбө.
4. Сырыңды сакта.
5. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба.
6. Эгер сени бирөө сындаса, өз кемчилдигиңди сезип, тез жойгонго аракет кыл.
7. Өзүңдөн кичүүлөргө жакшы мамиле кыл.
8. Жардам сураган адамды кемсинтпе, жардам кыл.
9. Үйбүлөдө мээримдүү бол.
10. Ар дайым билим алууга умтул.
11. Сөзүң менен ишиң төп келсин.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Эмне үчүн «Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат?» – деп коюшат.
2. Ата-эненин балдарынын алдында кандай милдеттери бар?
3. Аганын милдеттери кайсылар?
4. Эженин милдеттери кайсылар?
5. Акылмандын сөздөрүнөн эмнени түшүндүң?
6. Үйбүлөңдүн алдындагы өзүңдүн ордуң жана милдеттериң тууралуу жазып кел.

## 27-сабак
## ЫНТЫМАКТУУ КОШУНА БОЛУУ

Адамдар бири-бири менен кошуна болуп жашашат. Жакын жашаган адамдарды кошуналар деп аташат. Оң жак, сол жак, маңдайыбызда

жана аркабызда курулган үйдө жашаган адамдар эң жакын кошуна болуп эсептелет. Көчө, айыл, шаар, областтар, мамлекеттер, планеталар да кошуна болуп жайгашат. Биздин кошуна мамлекеттер Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан, Кытай. Кыргыз эли, биздин ата-бабаларыбыз кошунаны өтө ыйык тутуп сыйлашкан. Себеби, турмуштук тажрыйба көрсөткөндөй «Алыскы тууган жакынкы кошуна артык».

Кыргыз эли көчмөн калк болгон. Эң биринчи көчүп барган конушуңду тандабай, коңшу тап деген. Себеби, сенин конушуң чөптүү, суулуу болсо да, кошунаң ууру болуп, тынчыңды алса, бул – өтө жаман нерсе.

Ошондуктан элибизде төмөндөгүдөй макалдар азыр да жашап келет.

Аталаштан айылдаш жакын.
Конуш таппай, коңшу тап.
Отту козгосоң өчөт, кошунаны козгосоң көчөт.
Коңшусу жаман кор болот, тегереги тор болот.

Ошондуктан, ар дайым кошуналар менен ынтымактуу болуш керек. Ынтымак бар жерде ырыс, береке бар:

Кошунамды артык көрөм туугандан,
Эмне кылам тууган болсо алыста.
Жакшысыңбы, жакшы жат деп айтканын,
Угуп келем дайыма бир калыпта.
Конуш албай коңшу ал деген элимдин,
Улуу сөзүн эсте сактап келемин.
Тууганыма бир саламым бергиче,
Кошунага миң саламым беремин,
Өмүр бою бата кылып келемин.

Кичинекей Максат деген баланы ата-энеси үйгө жалгыз таштап кетишет. Алар «Бат эле келебиз» деп ойлогон. Анткени жакын эле жерге кетишкен. Бир убакта Максат өрүктүн данегин оозуна салып ойной баштайт. Ошол убакта данек тамагына тыгылып калат. Баятан бери көз чаптырып олтурган кошуна кыз баланы байкай калат. Чуркап барып, Максатты өз үйүнө көтөрүп келет. Ошентип, кошуналар Максатка жардам берип аман алып калышат.

Эгер кошуналар болбосо Максат эмне болмок?
Айланайын кошуналар аман бол,
Өмүр бою бата кылып келемин.
Жаккан отуң өчпөсүн,
Ынтымак, бирлик сакталып,
Конушуңдан көчпөсүн.

## УЛУУ БОЛСОҢ КИЧҮҮ БОЛ

Кичинекей аарынын уясы чоң бактын бутагында болуптур. Ал аары абдан мээнеткеч экен. Эртең менен эрте кетип, кечинде кеч кайтчу экен. Күнү бою учуп, тоолорду ашып, эң сонун гүлдөрдү таап, бал үчүн керектүү нерселерди топтойт. Ошондуктан аарылардын ханышасы жана бакалар да, аны жакшы көрүп, абдан сыйлашчу. Бир күнү кичинекей аары учуп келип, үстүңкү бутакта бир карганын уя жасап жатканын көрүп, абдан кубанат. Анткени, ошол күнгө чейин кичинекей аарынын бир дагы кошунасы болбоптур. Карганын үнү жаман экенин билсе дагы аары жаңы кошунасы болгонуна сүйүнөт. Көп күтпөстөн

эле  аары карга уя жасап жаткан бутакка конуп, канаттарын ийип каргага таазим кылат:

– Кош келдиң, кымбаттуу карга тууган. Сенин бизге кошуна болгонуңа абдан кубандым.

Карга болсо көзүнүн кыйыгы менен карап, бир жолу «каак» деп үн чыгаргандан кийин:

– Башымды оорутпай жогол, жаман аары. Сен кимсиң, мени кошуна дегендей. Менин тырмагыма да тең келбейсиң, – дейт.

– Кечирип кой карга тууган. Мен сени капалантайын деген эмесмин. Ооба, сен менден чоңсуң, бирок уяларыбыз бир бакта үчүн кошуна эмеспизби дейт.

Карга кичинекей аарыга бир сөз да айтпастан, чырпыктарын топтоп, башка бутакка уя сала баштайт. Байкуш аары биринчи жолу карга сымал чоң болбогонуна өкүнөт, капаланат. Кичинекей болгонуна абдан уялат. Ошондуктан ошол күнү жакшы деле иштебейт. Ханыша  аары бир нерсе болгонун сезип, кичинекей аарыны, жанына чакырат.

– Сага эмне болду, кымбаттуу менин кичинекейим, ооруп жатасыңбы? – дейт.

Кичинекей аары эртең мененки карга менен болгон окуяны айткандан кийин: «Мен дагы карга сыяктуу күчтүү» болсом эмне, анда мени эч ким кордобойт эле, – дейт.

Ханыша аары:

– Кайгырба, чынын айтсам биз андан да күчтүүбүз. Анан калса пайдалуу иш кылганыбыз үчүн, ага караганда ар-намыстуубуз дейт.

Кичинекей аары ханышанын сөздөрүнө ишене бербейт. Биз кантип эле чоң каргадан күчтүү болмок элек, мүмкүн ханыша мени сооротуу үчүн айткандыр деп ойлойт. Бирок, ханышаны сыйлабагандык кылбайын деп бул оюн ага айтпайт. Ошентип, ошол күндөн баштап карганын жанына барбас болот. Арадан күндөр өтөт. Кара карга уясын салып бүтүрөт. Эки жумуртка тууйт. Анан жөжө чыгармак болуп басып жатат. Күндөрдүн биринде бир тентек бала ошол жерден өтүп баратып, уясында жаткан карганы көрүп калат. Кармаш үчүн бакка чыга баштайт. Карга коркуп, уча качат. Кичинекей аары тентек баланын карганын уясындагы жумуртканы алганы жатканын көрүп, учуп келип, колун чагып алат. Тентек бала аарыдан коркуп, бактан түшө качат. Ошондо карга жумурткаларынын аман калганына сүйүнүп, кичинекей аарыдан кечирим сурап, ыраазычылыгын билдирип, бой көтөргөндүгү үчүн абдан уялып калат. Карга өзүнүн кошуналары менен ынтымактуу болуу керек экендигин түшүнөт. «Улук болсоң кичик бол» деген сөз да ушундан калган экен.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Кошуна деген кимдер?
2. «Алыскы тууган жакынкы кошуна артык» деген макалды сен кандай түшүнөсүң?
3. Бул жомоктогу окуяга кандай макал туура келет деп ойлойсуңар?
4. Каргада кандай терс сапаттар бар экен?
5. Кичинекей аарыда кандай сапаттар бар экен?

6. Эгер аары кекчил болсо, эмне кылмак эле?
7. Ынтымактуу кошуна кандай болот?

«Менин сүйүктүү кошунам» аттуу темага концепциялык карта түзгүлө?

**Сөздүк**

**Көч** – бир жерден экинчи жерге көчүп барып жашоо.

**Конуш** – жашаган жер.

## 28-сабак
## МАКСАТ ЖАНА МАКСАТКА УМТУЛУУЧУЛУК

*«Максат менен соккон жүрөк,*
*бакыт менен өмүр сүрөт»*

Максат деген – бул ишке ашырам деп ойлогон ой тилек, маселе. Максатсыз бир да нерсе болбойт. Эң жөнөкөй нерседен баштап жогорку мамлекеттик деңгээлдеги иш-аракеттер бир максатты көздөп турат. Мисалы: Сен сабакка даярданып жатып, чоң максатты көздөйсүң: чоңойгондо бир кесиптин ээси болуу, ата-энеңдин эмгегин актоо, үйбүлөлүү болуу ж. б. Ал эми, мамлекеттик деңгээлде болсо, ар бир окуучунун максатка умтулуучулугу мамлекетибиздин өнүгүшүнө жардам берет. Зээндүү бала кичинекей кезинен баштап эле билим алууга умтулат. Эгер, адам билим албаса максатына жетиши кыйын.

**Баланын тилеги:**

Билим алып жетилип,
Октон тез кушка минемин.

Күркүрөтүп моторун,
Көк булутту жиреймин.
Аба жарып асмандан,
Айга барып кономун.
Бактылуу кыргыз элимдин,
Баатыр уулу боломун, –

деп улуу акын ырдаган экен.

*А. Үсөнбаев*

Акылдуу бала астына койгон максаты жөнүндө көп ойлонот, эмгектенет, билим алууга умтулат. Өзүн коомдук жайларда, көчөдө, үйбүлөсүндө адептүү алып жүрөт. Ата-энесинин, улуулардын, мугалимдердин насыят сөздөрүн угат. Кичинекей кездеринен баштап эле ар нерсеге кызыгат, сабактарын айттырбай даярдап, өз милдеттерин аткарат. Ар дайым өзүн-өзү тарбиялайт, элге сылык-сыпаа мамиле жасайт, берген убадасын аткарат. Себеби, мындай балдардын алдына койгон максаты абдан чоң болот:

Максатка жетүү чынында,
Оңой иш эмес билгенге.
Талантың турса өркүндөп,
Пайдалан туура илимге.
Алдыңа максат коё бил,
Бирок аткара билгин аныңды.
Максатка жетүү – чоң олжо,
Үрөгүн тынбай жаныңды.
Оңолот ишиң ошондо,
Максатка жетсең акыры.

Ар бир адамдын аң-сезимине, жаш өзгөчөлүгүнө, жашоо-шартына, билимине, кызыгуусуна

жараша максаттары бар. Ошондуктан, жолдош, дос күтсөңөр, анда тилеги, максаты жакшы адамдарды тандагыла.

*Ж. Бөкөнбаев*

**Тилегим**

Атам Манас сыяктуу,
Эр болсом деп тилеймин.
Душман кечип өтө албас,
Көл болсом деп тилеймин.
Кожожаштай көзгө атар,
Мерген болсом жазбаган.
Баатыр болсом Чубактай,
Басынып жоодон качпаган.
«Элге кызмат кылгын», – деп,
Энем мени төрөдүң.
Чолпонбайдай шер болуп,
Көккө тийсе керегим.

**Максатка жетүүнүн ачкычы:**

1. Талыкпай күжүрмөн эмгек кылуу.
2. Чың денсоолук, өзүнө-өзү ишенүү.
3. Эрктүү болуу.
4. Ата-энесин ыраазы кылуу.
5. Ачык мүнөзү, шайыр, кеңпейил, кечиримдүү болуусу.
6. Максатына жетүү үчүн умтулуу.

Сөздөрү акылмандын эч калетсиз,
Ал айтат «жалгыз гана үмүт чексиз».
Жеткенде каалаганга кайта дагы,
Дилинде пайда болот тилек жаңы.

*Жусуп Баласагын*

Ооба, бир максатка жеткенден кийин кайра жаңы максатты көздөйбүз. Мисалы: силердин максатыңар мектепти ийгиликтүү бүтүү, андан кийин жогорку окуу жайына өтүп, бир кесипке ээ болуу. Ошентип, адамдын максаты чексиз.

**? Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Максат деген эмне?
2. Максаты бар адам кандай сапаттарга ээ болот деп ойлойсуң?
3. Максатка кантип жетебиз?
4. Сенин өзүңдүн максатың барбы?
5. Алдында максаты жок адам бактылуу болобу?

Өзүңдү өзүң тарбиялоо дептериңе максатыңды жаз жана ага жетүүгө умтул.

### Сөздүк

**Үрөгүн** – бардык күчүңдү жумшап, чымыркanып аракеттен.

**Жоо** – душман.

**Шер** – баатыр, эр жүрөк.

**Көпкө** – элге, адамдарга.

### Макал:

Илимди изде, максатты көздө.

Таланттуу бала талпынган куштай, тумары канбас асманга учпай.

## 29-сабак
# ЖОЛДОШ ЖАНА ЖОЛДОШЧУЛУК ТУУРАЛУУ

*Адамзатты жандан артык жараткан,*
*Акыл, билим, өнөр берген канатчан.*
*Сүйлөсүн деп ойду кошуп тил берген,*
*Сүйкүм өң-жүз, сүттөй таза дил берген.*
*Жусуп Баласагын*

Жакшы менен жолдош болсоң насиби жугат, жаман менен жолдош болсоң кесири жугат.

Жакшы жолдош – жан шерик.

Жолдошу бар жолдо калбайт.

Жоокер колдо сыналат, жолдош жолдо сыналат.

Жол көркү жолдош.

Жоругу жакшыны жолдош кыл.

Адам жашоосунда ар кимдин өзүнө жараша досу, жолдошу болот. «Сен досунду көрсөт, мен сенин ким экенинди айтып берем», – дейт орус элинде. Ошондой эле «адам – адам менен адам» дегендей, күндөлүк турмушубузда, окуган, иштеген жерибизде ар бир кишинин коллективи бар. Ошонун ичинен өзүңө жакын, сени түшүнгөн адам менен дос, жолдош болосуң. Жолдоштук – кандайдыр бир коллективдин өзара мамилеси жана бири-бирине болгон жоопкерчилиги. Жолдоштук мамиле – бир иш жасап жатканда өзара жардамдашуу, бир иш менен чогуу алектенүү.

Балдар жалпы ойногондо болбогон нерселер үчүн таарыныша бербегиле, бой көтөрбөгүлө. Эгер сенин колуңдан бир жакшы иш келсе жолдошуңа үйрөт, ичитардык, көрө албастык кылба. Жолдошуңдун ийгилигине сүйүн. Достукта, жолдоштукта жардам бере бил жана досуңдан жардам алып үйрөн. Сезгичтик, зиректик, көңүл буруу чоң иштерде гана эмес, күндөлүк турмушта да керек. Досуңду уга бил жана ага туура кайрыл. Чырлашканда өзүңдү токтоо карма, адилет бол.

Эгерде жолдошуң менен чатакташып, бир нерсени туура чече албасаңар, чоңдорго кайрылгыла. Алар адилеттүүлүк менен чечип берет.

Окуучулар өзара мамиле түзүүдө бири-бирин түшүнүшүүгө, жолдошторунун алдында жасаган иштери үчүн жооп берүүгө даяр болушу керек. Жолдошуңдун алдында берген убадаңды аткар. Өзүңдүн күнөөңдү жолдошуңа оодарба. Ойлонбой, мүмкүнчүлүгүңө карабай туруп, сөз бербе. Өзүңдүн жардамыңды жолдошуңа сунуш кылгандан тартынба. Айрыкча ооруп калганда, сабактан кыйналып турганда жардам бер. Ар дайым жолдошторуң менен сый мамиледе болуп, көңүл буруп тургун. Бирөөнүн, жолдошуңдун оюн, көзкарашын, түшүнүгүн сыйла, б. а. көтөрүмдүү бол. Бирок жолдошуңдун туура эмес жүрүш-турушу, мүнөзү, орой кемчиликтерине макул болбо. Жолдошторуң менен бир жумушту аткарсаң адилеттүү бол. Өзүңө жеңилин, башкаларга оорун бербе. Берилген жумушту тез жана

так, аягына чейин аткарганга аракет кыл. Жолдошторуңдун чечимдерине баш ий, аны ак ниеттүүлүк менен аткар. Сен өзүңдүн жардамың керек болгон убакытты сезе бил. Жолдошуң туура эмес иш жасаса, аны токтот.

Жолдошу болсоң жакшынын,
Насиби жугар сага да.
Жолдошу болсоң жамандын,
Кесири урар сени да.

Эгерде сени жолдошторуң бир жумуш аткарууда башкаруучу кылып шайласа, алар менен алдынала сүйлөшүп, жыйынтыгына жет. Жумуштарды так бөлүп бер, ар бири өз жумуштарын тегиз билгидей болсун.

Өзүңдүн жумушуңду так, жакшы аткаруу менен бирге, жолдошторуңдун ишине да көз салып тур. Бардык убакта жардам бер, үйрөт, кеңеш берип тур. Алардын кеңештерин пайдалана бил.

Жолдоштордун сырын сактап,
Чыкпайм чектен.

«Жолдош» деген улуу сөздү ыйык тутуп,
Эч унутпай көкүрөктө сактайм.

Көрсөтчү мага досуңду,
Билинет сенин кимдигиң.
Дос менен дайым жакшы бол,
Бириккен сымал киндигиң.

## ТООС МЕНЕН БУЛБУЛ

Илгери өткөн заманда бир падышанын айдай сулуу кызы бар экен. Ал өтө сулуу, бирок, кылы өтө начар экен. Сулуулугу менен өзүн өтө

жогору сезип, башкаларды көзүнүн төбөсү менен карап, бирөөлөр менен сүйлөшчү да эмес экен. Сүйлөшкөн кишилерин шылдыңдап көңүлүн калтырчу да болуптур.

Бир күнү кыз атасына барып:

– Эх ата, мени эч ким түшүнбөйт, бир да досум жок, – деп даттаныптыр. Падыша эң акылдуу адамды чакырып ага:

– Кызымды эч ким түшүнбөйт, эч досу жок. Эгер себебин тапсаң абдан ыраазы кылам дейт.

Акылман адам бир жума бою калып, кичинекей ханышаны тымызын байкоого алат. Жуманын аягында падышага барып:

– Падышам уруксат бериңиз, кызды айбанат бакчасына алып барыш керек. Ал жерден сулуунун кайгысынын себебин таба алам, – дейт.

Падышадан уруксат алган акылман сулууну айбанат бакчасындагы тоос турган жерге алып барат. Кыз тоостун кооздугуна абдан таң калат. Куйругундагы кызыл-тазыл канаттарынан көзүн ала албайт. Бирок бир аздан соң, тоостор жагымсыз үнү менен сайрай баштайт. Кыз акылманга:

– Ой шумдук, мунун үнү кандай жагымсыз. Бул жерден батыраак кетеличи дептир. Акылман бул жолу аны булбулдар турган жерге алып барат. Булбулдардын үндөрү ушунчалык уккулуктуу болгондуктан, падышанын кызы өзүн жоготуп коёт. Убакыттын кандай өткөнүн билбей калат.

Акылман акырында:

– Урматтуу ханышам, бир аздан кийин кеч кирет. Падыша сарсана болот. Сарайга кайталы дейт. Кыз араң кетет.

– Жолдо акылман: «Көрдүңүзбү, ханышам, тоос кушу абдан кооз, бирок үнү абдан жагымсыз, алар сайрай баштаганда жанында тура албадыңыз. Ал эми булбулдун көрүнүшү кооз болбосо да, үнү менен сиздин көңүлүңүздү ачты. Көңүл бурсаңыз, адамдар булбулду ырга көп кошушат, ал эми тоос жөнүндө болсо такыр сөз кылышпайт. Бул – сизге эң сонун мисал. Адам канчалык сулуу болсо да, эгер айланасындагылардын көңүлдөрүн калтырса андан алыстайт. Тилинен бал тамган, жүзүнөн күлкү жанган адамдардын айланасында достору көп болот дейт.

Сулуу кыз акылмандын сөздөрүн туура көрөт. Ошол күндөн баштап кыялын оңдоп, бой көтөрбөй, адамдардын көңүлүн калтырбай, көп досторду тапкан экен.

*Түрк эл жомогу*

**Залкар ойлор:**

Чыныгы жолдош жакшылыкты,
Жамандыкты тең бөлөт.
Сен уктасаң кошо уктап,
Сен көргөндү тең көрөт.

*У. Шекспир*

**Жолдоштуктун эрежелери:**

1. Жолдошуңа жардам бер, эгер бир нерсе жасашты билсең, ага дагы үйрөт.

2. Эгерде сенин кызыктуу китептериң же оюнчуктарың болсо, ойногондо, иштегенде бардык нерселерди өзүңө алып албай, жолдошуң менен тең бөлүш.

3. Жолдошуңа ичитарлык кылба.

4. Жолдошторундун алдында берген убаданды аткар.

? Ой жүгүртүү үчүн суроолор:

1. Жолдош деген ким?
2. Жолдошторуңа кандай мамиле жасашың керек?
3. Жолдошуңду кантип кубантасың?
4. Жолдошту кантип тандайсың?
5. Жолдошуңдун баркына кантип жетесиң?

Тапшырма:

1. Жолдошторуңдун жакпаган мүнөздөрүн өзүн-өзү тарбиялоо күндөлүгүңө жаз жана ошол мүнөздөрдү жоюуга жардам бер.
2. Жолдоштук жөнүндөгү макал-ылакаптарды таап, жазып кел.

## 30-сабак
## КЕКЧИЛ БОЛБО, КЕЧИРИМДҮҮ БОЛ

*Жакшылыкка жакшылык –*
*ар кишинин ишидир.*
*Жамандыкка жакшылык –*
*эр кишинин ишидир.*

Кекчил адам ар дайым өткөн бир окуяны эстеп, ичинен ар кандай жаман ойлорду ойлонуп, өзүн кыйнайт. Ал башка бирөөгө жамандык кылбастан, өзүнүн денсоолугуна чоң зыян келтирет. Кекчил адам бирөөнү кектесе, ага кошуп балдарын, үйбүлөсүн да кектегиси келет. Мисалы, бир кекчил кишинин баласын таарынтып койсо, ал ошол таарынткан үйбүлө менен салам-

дашпайт, аларга жамандык каалайт. Ошентип ал өз балдарын да кекчил кылып коюшу мүмкүн.

Кекчилдик кайдан пайда болот?

Психологдордун изилдөөлөрүнө караганда: биринчиден – адамдын табиятына байланыштуу, б. а. бала кезинен эле кекчил болушу; экинчиден – бийлик, байлык мансапка шарттaлат, айрым төрөпейил улуктардын айткандары аткарылбаса, колундагы бийлигинен пайдаланып, өч алышы; үчүнчүдөн – кекчиликтин генинде бар экендиги. Ата-энеси, тукуму ошондой кекчил мүнөздөгү адамдар. Бирок, ар бир адам өзүн-өзү тарбияласа, мындай кемчилигин жойсо болот.

Кечирим кылган адамдын,
Жүрөгү болот таптаза.
Кекчилдик сапат жок болсун,
Жашоодо ар бир адамда.
Кекчил болбо, кечиримдүү бол, досум,
Кекчил түбү алып барбайт жакшыга.
Кектей берсең, андый берсең башканы,
Айланасың пейли бузук сакчыга.
Кечиримдүү азаматтын белгиси,
Улуу-кичүү сыйлаганга татууда.

*Г. Мадамилова*

Кекчилдик – бул өтө жаман сапат. Кекчил адамдар бирөөнүн туура эмес сүйлөгөнүн, туура эмес мамилесин эч убакта унутпайт. Эстеген сайын ызырынып, жини келип жек көрө баштайт. Карасанатай, кекчил адамдар бирөөлөрдүн жакшылыгын көрбөйт, жамандыгын эстеп жүрө

берет. Алар, таарынган адамына да жамандык же кыйынчылык болсо, жардам берүүнүн ордуна: «Ырас болуптур, сага чала болуптур – деп табалайт. Эгерде кекчил адам мүнөзүн ондобосо, адамдардын арасында окуу, иштөө кыйын болуп калат.

Кекчил иш сага эч бир жарашпайт,
Кереги жок ар бир нерсе андыган.
Ар бир сөздү туура кабыл алганга
Үйрөнө бил кана, досум, азыртан.

Кыргыз эли – ушунчалык ар-намыстуу акылгөй калк. Ата-бабаларыбыз жаман адамдардын гана колунан жамандык келет деп эскертет. Ошондуктан жаман адамдарга теңелип, өз беделдерин, абийир-аброюн түшүрүшкөн эмес. Ар-намыстуу, уяттуу адамдар башкаларга эч убакта жамандык жасабайт, аларга өчөшүп, кектешпейт.

Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин ишидир, жамандыкка жакшылык – эр кишинин ишидир.

Жамандык кылган адамдарга кантип жакшылык кылсак болот? Жамандык кылганга жакшылык кылгың келбейт, бирок өтө гумандуу, кечиримдүү болсоң, бир аза таарынып, кечирип коёсуң, демек, жамандык кылганга жакшылык кылуу – бул эрдик.

### Макал

Жакшы тондун жакасы бар, жеңи жок,
Жакшы адамдын ачуусу бар кеги жок.

Эгер сен жолдошундун мүнөзү начар, тарбиясыз экендигин билсең, ага өчөшпө, ал баары бир түшүнбөйт.

Сен мени итсиң дедиң, итмин дедим,
Эмне кылам ажылдашып, кыжылдашып,
Мен сенин билип туруп ит экениң, – деген экен улуу акын Байдылда.

Ошентип, биздин ата-бабаларыбыз начар, тарбиясыз адамдарга теңелген эмес, өзүнүн ар намысын сакташкан.

Кечиримдүүлүк – бул эң жакшы, сыймыктуу сапат.

Келгиле, балдар дайыма кечиримдүү бололу.

Тапшырма:

1. Кечиримдүү жана кекчил адамдын мүнөздөрүн бир нерселерге окшоштуруп, сүрөт тартып келгиле.
2. Менде кекчилдик сапат барбы? – деген суроого ой-толгоонорду жана жообуңарды күндөлүккө жазгыла.

**Сөздүк**

**Бедели** – кадыр-баркы, урмат-сыйы.

**Эр киши** – чыныгы эр жүрөк, айкөл, кечиримдүү инсан.

**Кекчил** – өч алгыч, кечирим бере албаган.

**Макал**

Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч.
Кекчил болбой эпчил бол.

### 31-саат
## БИРӨӨГӨ ЖАМАНДЫК ОЙЛОБО ЖАНА ЖАСАБА

*Жакшы адам жатына жакындай,*
*Жаман адам жакынга жатындай.*

*Х. Казвини*

*Адамдын эң асыл касиети – жакшылыгы.*
*Адам баласы ар дайым бири-бири менен*
*жакын мамиледе болуу керек.*
*Адамгерчилигиңер жогору болсун.*
*Бул силердин эң башкы милдетиңер!*

*Ж. Ж. Руссо*

Улуунун алдындагы жаштын карызы, атанын алдындагы баланын карызы – адеп менен сый. Эгерде сен бир адамга жамандык кааласаң, ошол жамандык кайрылып өзүңө келет. «Бирөөгө ор казсаң кенен каз, өзүң барып түшөсүң», – деген макал туура айтылган.

Илгери бир ачкөз байдын агасы каза болуп, анын баласы жетим калат. Жетим баланы бай багып жүрүп жадайт. Бир күнү ал кайыкчыга айтат: Мен сага эртең менен бир баланы жөнөтөм, аны сен сууга чөктүрүп жибер, – дейт. Кайыкчы макул болот. Жетим баланы балык алып келүүгө жөнөтөт. Бала чуркап баратса, кошуна кемпир жолугуп, балага: – Жарма ичип чык, эртең мененки ырыскы, – дейт. Себеби жетим бала ал кемпирге ар дайым жардам берчү экен. Ошол мезгилде байдын баласы кантип сууга чөгүп атат экен деп, жетим баланын артынан чуркап барат. Байдын баласы көлдүн жээгине мурун

барып калат. Кайыкчы болсо: «Бай жөнөткөн бала ушул турбайбы», – деп аны сууга чөктүрүп жиберет. Мына, балдар, көрдүнөрбү эгер адам бирөөгө жамандык кылса, сөзсүз түрдө ал жамандыгы өзүнө кайтат.

### Жамандык деген эмне?

Жамандык бул: бирөөнүн буюмун уурдоо, алдоо, жалаа жабуу, акысын жеп коюу, артынан сүйлөө, ушактоо, зомбулук көрсөтүү, басмырлоо, уруп-согуу, каргоо, тынчтыгын бузуу ж.б.

Жамандык кылат адамга,
Жакшылык эч бир көрбөгөн.
Жанашпа досум андайга,
Андайлар үрөн өнбөгөн.
Жамандык кылсаң башкага,
Башыңа келет айланып.
Жакшылык ишти көп жаса,
Жаманга калба байланып.

*Г. Мадамилова*

Адамдын ачкөздүгү таш каптырат,
Байкатпай жайган торго чалдыктырат.
Анткени тордун жээгин тиктей берип,
Билбейбиз илингенин кылтак келип.

*Жусуп Баласагын*

***Талкуу үчүн текст:***

### ЖЫЛАН МЕНЕН ТАРАНЧЫ

Билесиңерби, балдар, Данийардын бир жаман кыялы бар эле. Ал ар дайым досторунун баары өзүнө жаман мамиле кылат деп ойлоп, дайыма капаланып жүрөр эле. Кичине бир чатак чыгып калса, болду чуркаган бойдон апасы менен

атасына барып даттанчу. Алар, анын дайым даттанып келгенинен абдан тажашат. Бир күнү Данияр бир досун айтып, атасына даттанганда:

– Балам,– дейт, сенин бир дагы мүнөзү жакшы досуң жокпу? Бардык эле балдар жаман боло бербейт да. Качан болбосун досторуңдан ката издеп турасың. Эми даттанып келчү болбогун.

Ошол күндөн баштап Данияр досторун ата-энесине айтпай калат, бирок, кеги ичинде болот. Бир күнү атасы аны чөнтөгүнө таштарды салып жатканын көрүп, таштарды эмне кыласың деп сурайт. Ал болсо:

– Эгер досторум мага жамандык кылса, ушул таштар менен өзүмдү коргоймун дейт.

Арадан бир топ күндөр өтөт. Бул жолу атасы Даниярдын колуна союл көтөрүп жүргөнүн көрөт. Жанына барып, бул союлду эмне кыласың деп сурайт. Данияр:

– Бул союл менен өзүмдү коргойм – деп жооп берет.

Атасы абдан капаланып:

– Адамдардын душмандан сактануусу жакшы нерсе, бирок элдин баарын өзүнө душман деп санашын такыр туура эмес. Сен мындан тажаган жоксуңбу? – деп кетип калат.

Ошол түнү Даниярдын түшүнө аппак сакалы бар кары адам кирет. Ал аны толтура жыланга толгон айнек идиштин жанына алып барат да алардын жаккан-жакпаганын сурайт. Данияр:

– Жыландарды ким жакшы көрсүн? Дүйнөдөгү эң жаман жаныбарлар – жыландар. Мен аларды жаман көрөм, – дейт.

Андан соң кары адам аны таранчылар бар жерге алып барат. Андан таранчылардын жаккан-жакпаганын сурайт. Данияр:

– Кантип жакшы көрбөйүн. Таранчыларды жакшы көрөм. Аларды ооруп же жараланганын көрсөм дароо жардам кылам дейт.

– Таранчыларды жакшы көргөнүңдүн себеби алардын сүйкүмдүү болушу. Алардын өзүн-өзү коргой турган куралы жок. Бирок аларга жаман адамдардан башка эч ким тийбейт. Жыландардын болсо уусу бар. Ал адамдарга зыян келтирет, ошондуктан аларды көп өлтүрүшөт.

Демек, бардык эле адамдарды душман саноо жана аларга кол салуу жаман нерсе, ошондуктан биринчи иретте адамдарга ниетибиз дурус болсун. Эч убакта жамандык ойлобо жана жасаба.

Данияр ойгонуп, кары адамдын айткандарын туура деп кабыл алат. Ошондон кийин теңтуштарына жакшы мамиле кылып калат.

? Ой жүгүртүү үчүн суроолор:

1. Жамандык кылсаң, арты эмне болот?
2. Ачкөз бай кандай адам болгон?
3. Байдын тилеги эмне болду?
4. Ырларда эмне жөнүндө сөз болот?
5. Табалоо деген эмне?
6. Данияр кандай бала эле?
7. Ал эмне түшүндү?
8. Боорукерлик жөнүндө айтып бер.

**Тапшырма:**

1. Жаман сапаттарды аныктап өзүн-өзү тарбиялоо дептерине жаз жана аларды жоюуга аракет кыл.
2. Текстти окуп чыгып, өз түшүнүгүңдү айтып бер.

# 32-сабак
# МЕН ЖОЛДОШТУККА БЕКМИНБИ?

## Жакшы жолдош менен жаман жолдош
*(Тамсил)*

Ар адамдын жолдошу бар, досу бар.
Бирок да байкагыла балдар,
Көп ишенбе жалган сөздөргө.
Чыныгы достук сыналат, кыйынчылык кездерде.
Эки бала жакшы жолдош, жакшы дос,
Айтыша турган: «Биздей мыкты достор болбос».
Ошол экөө алыс жакка бара жатып,
Калышты чоң жолдон адашып.
Курсактары аябай ачка,
Кичинекей сындырым нан да жок.
Экөө курушту акылдуу кеңеш мындайча:
«Жөнөйлү оокат издеп эки жакка.
Ортодо болот, ким эмне тапса».
Экөө бет алды эки жакка.
Бири токойдо жүрүп кечке,
Кичирээк жалгыз жаңгак тапты,
Бирок болгону кичине жалгыз жаңгак.
– Баары бир экөөбүзгө болбойт тоёр тамак.
Өзүм жалгыз жеп койсом эмне болот?
Өз ичинен ушундай деди.
Деди да, тапкан жалгыз жаңгагын жеди.
Кечинде айткан жерге келди.
Сурады жолдошу: Таба алдыңбы бир нерсе?
«Жок», – деди калпычы жолдошу жайып колун,
Болбоду менин жолум.
Жолуккан жок чоңураак эчтеме мага,
Табылдыбы бирдеме сага?
Жолдошу айтат: Таппасаң ага жок кейиш,
Мына мен таптым кичине мейиз.

Кел экөөбүз ушуну тең бөлүп жейли,
Анан дагы издейли».
Бөлүшүп жеген – жакшы жолдош,
Бөлүшпөй жеген – жаман жолдош.

*М. Борбугулов*

**Жакшы жолдоштун мүнөзү:**

1. Убадага турат.
2. Жолдошуна жардам берет.
3. Кыйынчылыкта жанында болот.
4. Бир нерсени бөлүшөт.
5. Калп айтпайт.
6. Мактанбайт.
7. Ушак сүйлөбөйт.
8. Жолдошунун сырын сактайт.
9. Таарынганды билбейт.
10. Кемсинтүүдөн алыс.

**Жаман жолдоштун мүнөзү:**

1. Убаданы аткарбайт.
2. Жардам бергенден качат.
3. Кыйынчылыкта караанын да көрө албайсың.
4. Өзүнүн гана камын ойлойт.
5. Калпычы.
6. Мактанчаак.
7. Ушакчы.
8. Сыр сактай билбейт.
9. Абдан таарынчаак.
10. Кемсинтүүгө даяр.

**Талкуу үчүн суроолор:**

?
1. Жолдоштор өздөрү жөнүндө кандай ойдо болчу?
2. Жолдош дегенди сен кандай ойлойсуң?
3. Жолдоштор эмне деп убадалашты?
4. Жолдоштор убадага турдубу?
5. Сен жолдоштукка бексинби?

**Билип алгыла**

Дос жолдоштун жакшы же жаманы башка кыйынчылык түшкөндө билинет.

Жол талашып турушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.

*Т. Молдо*

**Тапшырма:**

Ар бир адам өзүн жакшы билиш керек. Сен өзүңдү өзүң тарбиялоо дептериңе «Мен жолдоштукка бекминби?» деген суроого жооп жаз. Өзүңдү өзүң сында.

## 33-сабак
# ЭЛДИН АДЕП МАДАНИЯТЫ. КАЙТАЛОО

Кыргыз элибиз – өтө маданияттуу жана адептүү калк. Элибиздеги жүрүм-турум эрежелери, каада-салттары, жашоо мыйзамдары жазылбай эле, ооздон-оозго макал түрүндө айтылып сакталып, аткарылып келе жатат.

Кызга кырк үйдөн тыюу.

Уугум сага айтам, уулум сен ук.

Керегем сага айтам, келиним сен ук.

**Балдарга насыят**

Дарыя булактан башталгандай,
Мектептен башталат адептүүлүк.
Окуучум, калтырбай ара жолго,
Алып кет жакшылап өнүктүрүп.
Сактайлы түбөлүк бүлүндүрбөй,
Алланын жараткан берген бактын.
Алтын деп алмашкыс мекенимдин,
Сыйлайлы ал тургай топурагын.
Кыргызды кыргыз деп тааныткання,
Ыймандуу, ызааттуу кары-жашың.
Улуусун урматтап, а кичүүсүн
Сыйлай жүр деген каада-салтың.
Атаңдын, энеңдин сөзүн сыйла,
Акарат, жамандык элге кылба.
Атыңа жугузуп жаман кирди.
Кас-душман алдында уят кылба.

*Г. Мадамилова*

Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат.

Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт.

Улуусун тарбияласаң, кичүүсү өзү эле тарбияланат.

Аталаштан айылдаш жакын.

Бирөөгө ор казсаң, кенен каз, өзүң барып түшөсүң.

Алыстагы туугандан, жакынкы кошуна артык.

Таланттуу бала талпынган куштай, кумары канбас асманга учпай.

Жакшы менен жолдош болсоң, насиби жугат, жаман менен жолдош болсоң – кесири жугат.

Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин ишидир, жамандыкка жакшылык – эр кишинин ишидир.

? Талкуу үчүн суроолор:

1. Адептүү адамды сен кандай түшүнөсүң?
2. «Балдарга насыят» деген ыр сага кандай таасир берди?
3. «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген макал азыркы күндө пайдаланылабы? Сенин оюң.
4. Биздин азыркы адебибиз жеткиликтүү деп ойлойсуңбу?

Тапшырма:

1. Жылдык кайталоого даярдануу.

**Билип алгын**

Адамзаттын эң асыл касиети – жакшылык

## 34-сабак
## ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО

### Эл мурасы эскирбейт

Ар бир эл өзүнөн кийинки муундарга мурас калтырат. Мурас атадан балага калган, эскирбеген асыл нерселер: кыргыз элинин каада-салттары, пейли, элижери, кен байлыгы, өнөрү, тили, акыл-ою, макал ылакаптары ж. б. Биздин милдет – ошол мурастарды сактоо жана кийинки муундарга өткөрүп берүү.

## Макалдар:

Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.

Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың.

Ата балага сынчы, атанын сынына тол.

Ата сыйлаган акылдуу, эне сыйлаган – эстүү.

Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт.

Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч ошол жакка барат.

Аталаштан айылдаш жакын.

Алыскы туугандан жакынкы кошуна артык.

Таланттуу бала талпынган куштай, кумары канбас асманга учпай.

Максат менен соккон жүрөк, бакыт менен өмүр сүрөт.

Жакшы менен жолдош болсоң насиби жугат, жаман менен жолдош болсоң кесири жугат.

## Накыл сөздөр:

Эмне жакшы? Улуу кишилерди урматтап, сылык болгон жакшы.

Эмне жаман? Кичүүлөргө корс этип, орой болгон жаман.

Сөздүн кыскасы – жакшы, аркандын – узуну жакшы.

Акылдуу бала – элпек, акылсыз бала – тентек.

Тил алчаактык баарынан жакшы.

**? Суроолор:**

1. «Жакшы болуу аста-аста» дегенди кандай түшүнөсүн?
2. Эмне үчүн «Ата-энесин сыйласа, балдарынан сый көрөт», – деп айтабыз?
3. Эмне үчүн бата тилейбиз?
4. Эмне үчүн эже сиңдисине, агасы инисине үлгү болуу керек?
5. Кошуна бизге эмне үчүн керек?
6. Эмне үчүн элибизде кыяматтык кошуна деп айтылат?

7. Адам баласына максаттын эмне кереги бар?
8. Максатсыз жашаса болобу?
9. Жолдошу жок адам жашай алабы?
10. Жолдошундун мүнөзү кандай болуш керек?
11. Жакшы жолдош, курдашта кандай асыл сапаттар болот?
12. Душман сүйдүрүп айтат, дос күйдүрүп айтат. Эмне себептен?
13. Бирөөгө бакыт издеген, өзү бакытка жолугат. Кантип?
14. Эмне үчүн жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок.
15. Сен үчүн эмне жакшы, эмне жаман?

**Атанын сөзү – акылдын көзү.**

1. Эл көрсүн, мени кайрымдуу, – деп мактасын деп жакшылык кылба.
2. Кайрымдуулукту оң колуң менен жасасаң, сол колуң билбесин.
3. Бирөө сага жакшылык кылса эсептеп жүр, өзүңдүн бирөөгө кылган жакшылыгыңды унут.
4. Жакшылык жасаганга үйрөн.
5. Күнүгө жок дегенде бир жакшылык кыл. Мисалы, үйдөгүлөргө жардамдаш, бирөөнүн көңүлүн көтөр, жакшы сөз айт. «Ишиңиз кандай, денсоолугуңуз жакшыбы? Кайгырбаңыз, баары жакшы болот». Жогорудагыларды аткарганга сенин күчүң жетеби?
6. Бир туугандарыңдын, ата-энеңдин жумуштарына, денсоолугуна көңүл буруп тур.
7. Кыз баланын сапаттары: элпек, жакындарына күйүмдүү, сабырдуу болот, так жана маңыздуу сүйлөп, сылык жооп берет. Мээримдүүлүгүн, боорукерлигин көрсөтөт. Билимге умтулат, ата-

бабалардын каада-салттарын сактайт. Эмгекчил, уяттуу, назик жана аз сөздүү болот, көп угат. Ата-энесин сыйлайт. Ушул сапаттар кыз баланы сулуу, ажарлуу, мээримдүү кылат.

8. Өзүңөрдөн сурагыла. Мен бүгүн же кечээ бирөөгө жакшы сөз айттымбы? Бирөөнүн көңүлүн көтөрүп кайгысын бөлүштүмбү? Кимге жардам бердим?

9. Жакшылыкты жакындырыңдан, жолдошторуңдан башта.

10. Эркек бала келечекте үйбүлө ээси. Атамекендин, өз элинин ишеничи, жоокери, коргоочусу. Анын ажардуулугу, ыймандуулугу адамдар менен жакшы мамилеси эле эмес, максатка умтулуучулугу, оор жумуштарды өзү аткарууга бел байлашы күчтүү. Ал кыйынчылыкта туруктуу болот, турмуштун татаал кырдаалдарын жеңе билет. Өзүн-өзү башкара билет. Сөзү так, ишеничтүү айтат, намысы өтө жогору. Эркек балдардын мындай ички моралдык, ыймандуулук сапаттары анын сырткы дене түзүлүшү, жүрүш-туруш манерасы менен шайкеш келет.

Салабаттуу түр менен денесин түз кармап, баскантурганы орундуу болот. Келечекте максаты жок, жоопкерчиликсиз, жалкоо, убадасына турбаган адам менен мамиле түзбөйт. Бирок тилекке каршы андай адамдар турмушта өтө көп. Аларды эр жигит деп атоого болбойт. Сүйкүмдүү адам ар дайым жарашыктуу кийинет. Жаш курагын эске алып, өзүнө жарашкан стилдеги кийимдерди тандайт. Кийимиң ар дайым таза жана тыкан болсун, сенин кийген кийимдериң адамдардын көңүлүн ачып турсун. Жарашыксыз, таза эмес кийинүү – бул сенин адамдарды жана өзүңдү сыйлабагандыгыңдын белгиси.

**Жайкы тапшырма:**

Чоң ата, чоң энеңдин жана бөлөк улуу адамдардын айткан насааттарын өзүн-өзү тарбиялоо дептерине жазып жүр. Аларды аткарууга аракеттен.

МАЗМУНУ

Окуучуларга адептик жана рухий-ыймандык билим берүү ........................................ 4

I ЧЕЙРЕК
ЭЛ МУРАСЫ ЭСКИРБЕЙТ
1-сабак. Киришүү сабагы ........................................ 7
2-сабак. Жакшы болуу аста-аста ........................................ 10
3-сабак. Жакшы болуу аста-аста ........................................ 14
4-сабак. Жамандыктын залалдары кайдан келет? ........................................ 18
5-сабак. Ыпылас сөздүүлүк – адепсиздик ........................................ 20
6-сабак. Ыпылас сөздүүлүк – адепсиздик ........................................ 23
7-сабак. Элдин ыйман – нарк, чынчылдык, адептүүлүк мурасы ........................................ 26
8-сабак. Практикалык сабак ........................................ 30
9-сабак. Тап табышмак оюну ........................................ 33

II ЧЕЙРЕК
ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ АДЕП-НАРК
10-сабак. Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң ........................................ 37
11-сабак. Атанын сөзү – акылдын көзү ........................................ 46
12-сабак. Кандай учурда кыз-бала, эне сүтүн актайт? ........................................ 49
13-сабак. Менин сүйүктүү ата-энем. (Дилбаян) ... 52
14-сабак. Үйбүлөдөгү мамиле ........................................ 53
15-сабак. Практикалык сабак. Үйбүлөдө эмне көйгөй бар? ........................................ 57
16-сабак. Жакшы бала бололу ........................................ 63

III ЧЕЙРЕК
АРЫБА, КАСИЕТҮҮ КАЙРЫМДУУЛУК!

17-сабак. Калк салтындагы кайрымдуулук ........ 65
18-сабак. Калк салтындагы кайрымдуулук ........ 68
19-сабак. Практикалык сабак. Кайрымдуулук – жакшылыктын башаты ........................................ 72
20-сабак. Кимиси күйүмдүү ........................................ 74
21-сабак. Дос жана достошуу ........................................ 80

22-сабак. Дос жана достошуу ........................ 83
23-сабак. Манастын жети осуяты ..................... 87
24-сабак. Сарандык .................................. 91
25-сабак. Практикалык сабак ......................... 94

## IV ЧЕЙРЕК
## ЭЛДИК АДЕП МАДАНИЯТЫ

26-сабак. Үйбүлөдөгү улуулардын милдеттери ..... 95
27-сабак. Ынтымактуу кошуна болуу ................ 98
28-сабак. Максат жана максатка умтулуучулук . 103
29-сабак. Жолдош жана жолдошчулук тууралуу ... 107
30-сабак. Кекчил болбо, кечиримдүү бол ........... 112
31-сабак. Бирөөгө жамандык ойлобо жана жасаба . 116
32-сабак. Мен жолдоштукка бекминби? ............ 120
33-сабак. Элдин адеп маданияты. Кайталоо ...... 122
34-сабак. Жылдык кайталоо ........................ 123

---

Калдыбаева А.Т., Мурзалиева З., Жарашева Г.,
Кошалиева А., Ширимкулова Ж.

АДЕП
**(Мурас)**

5-класс үчүн окуу китеби


Редактору *С. Дуулатова*
Дизайнери *Ж. Субанов*
Техникалык редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *С. Төлөгөнова*
Компьютердик калыпка салган *С. Дуулатова*

Терүүгө 20.12.2006. берилди. Басууга 27.12.2006. кол коюлду.
Офсет кагазы № 1. Форматы 60X90 $^1/_{16}$ «Мектеп» ариби.
8,0 физ. басма табак. Нускасы 67 310. Заказдын №1.

Басууга «Билим+компьютер» басмаканасында даярдалды
«Учкун» ААК басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24.









0744759826

